БИР ТАРАПТАН ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИ МЕНЕН АНЫН МҮЧӨ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ЖАНА ЭКИНЧИ ТАРАПТАН КЫТАЙ ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ СООДА-ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУ

ПРЕАМБУЛА

Бир тараптан Армения Республикасы, Беларусь Республикасы, Казакстан Республикасы, Кыргыз Республикасы, Россия Федерациясы (мындан ары - "ЕАЭБге мүчө мамлекеттер") менен Евразия экономикалык бирлиги (мындан ары - "ЕАЭБ") жана экинчи тараптан Кытай Эл Республикасы (мындан ары - "Кытай")

Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен Кытайдын ортосундагы узак убакыттан берки достук мамилелерди жана бекем экономикалык жана соода байланыштарды өз ара таануу жана биргелешкен өнөктөштүктү чыңдоо ниетин билдирүү менен;

Тараптардын ортосунда өз ара кызыкчылык туудурган багыттар боюнча экономикалык кызматташууну илгерилетүү жана өз ара соода байланыштарын өнүктүрүү үчүн чөйрө жана шарт түзүү ниетинде;

Азия-Тынч океан регионунда жана Евразияда экономикалык интеграциялоонун маанилүүлүгүн, ошондой эле Евразия экономикалык бирлиги менен "Алкак жана жол" демилгесинин региондо бекем жана туруктуу соода байланыштарын түзүү каражаты катары байланыштыруунун маанилүүлүгүн таануу менен;

коомдун жыргалчылыгын камсыз кылуу боюнча колдогу мүмкүнчүлүктөрдү сактоо жана улуттук саясаттын максаттарын аткаруу боюнча өз ара жөнгө салуу укугун тастыктоо менен;

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашты:

1-ГЛАВА

ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1-берене

Жалпы жоболор жана аныктамалар

Ушул Макулдашуунун максаттары үчүн, эгерде башкасы каралбаса:

(a) **"Айыл чарбасы боюнча макулдашуу"** - ДСУ Макулдашуусунун 1А тиркемесиндеги Айыл чарба боюнча макулдашуу;

(b) **"Атайын коргоо чаралары боюнча макулдашуу"** – ДСУ Макулдашуусунун 1А тиркемесиндеги Атайын коргоо чаралары боюнча макулдашуу;

(c) **"Демпингке каршы чаралар боюнча макулдашуу"** - ДСУ Макулдашуусунун 1А тиркемесиндеги 1994-жылдагы Тарифтер жана соода боюнча Башкы макулдашуунун VI беренесин колдонуу боюнча макулдашуу;

(d) **"Бажы наркын баалоо боюнча макулдашуу"** - ДСУ Макулдашуусунун 1А тиркемесиндеги 1994-жылдагы Тарифтер жана соода боюнча Башкы макулдашуунун VII беренесин колдонуу боюнча макулдашуу;

(e) **"күндөр"** календардык күндөр, анын ичинде дем алыш жана майрам күндөрү;

(f) **"Евразия экономикалык комиссиясы"** - 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге (мындан ары - "ЕАЭБ жөнүндө макулдашуу") ылайык түзүлгөн ЕАЭБдин туруктуу иштөөчү жөнгө салуучу органы;

(g) **"ГАТТ 1994"** - ДСУ Макулдашуусунун 1А тиркемесиндеги 1994-жылдагы Тарифтер жана соода боюнча Башкы макулдашуу жана ага берилген түшүндүрмө жазуулар;

(h) **“Тараптар”** - бир тараптан ЕАЭБ жөнүндө келишимге ылайык белгиленген компетенциянын алкагында ЕАЭБ жана/же ЕАЭБге мүчө мамлекеттер жана экинчи тараптан Кытай;

(i) **“СКМ боюнча макулдашуу”** - ДСУ Макулдашуусунун 1А тиркемесиндеги Субсидиялар жана компенсациялык чаралар боюнча макулдашуу;

(j) **“СФС боюнча макулдашуу”** - ДСУ Макулдашуусунун 1А тиркемесиндеги Санитардык жана фитосанитардык чараларды колдонуу боюнча макулдашуу;

(k) **“СТТ боюнча макулдашуу”** - ДСУ Макулдашуусунун 1А тиркемесиндеги Соодадагы техникалык тоскоолдуктар жөнүндө макулдашуу;

(l) **“ТРИПС макулдашуусу”** - ДСУ Макулдашуусунун 1С тиркемесиндеги Интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспектилери боюнча макулдашуу;

(m) **“ДСУ Макулдашуусу”** - 1994-жылдын 15-апрелиндеги Дүйнөлүк соода уюмун түзүү жөнүндө Марракеш макулдашуусу;

(n) **“ДСУ”** - ДСУ макулдашуусуна ылайык түзүлгөн Дүйнөлүк соода уюму;

1.2-берене

Макулдашуунун максаты

Ушул Макулдашуунун максаты, ушул Макулдашууда камтылган чөйрөлөрдө кызматташууну камсыз кылуу аркылуу Тараптардын ортосундагы экономикалык мамилелерди андан ары өнүктүрүү үчүн негиздерди түзүү жана ушул Макулдашууда камтылган маселелер боюнча Тараптардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү жеңилдетүү болуп саналат.

1.3-берене

Колдонуу аймагы

Ушул Макулдашууну аткаруу максаты үчүн гана, ушул Макулдашуу Тараптардын ар биринин бүткүл бажы аймактарында колдонулат.

1.4-берене

Башка макулдашуулар менен катышы

1. Тараптар ДСУ Макулдашуусу боюнча, ошондой эле ЕАЭБге мүчө мамлекеттер жана Кытай катышуучу болуп эсептелген эки тараптуу макулдашуулар боюнча бири-бирине карата өз укуктарын жана милдеттерин тастыкташат.

2. Ушул Макулдашуунун жоболору менен ДСУ Макулдашуусунун жобосунун ортосунда айырма келип чыккан учурда ДСУ Макулдашуусунун ушул жоболору мындай айырма боюнча артыкчылыкка ээ болот.

3. Ушул Бereненин 2-пунктунда эске алынган айырмалар орун алган учурда, Тараптар өз ара алгылыктуу чечимдерди иштеп чыгуу максатында, дароо консультацияларды өткөрөт.

4. ЕАЭБге мүчө мамлекет жана Кытай катышуучу болуп саналган кайсы бир эки тараптуу макулдашуу менен, ушул Макулдашуу аркылуу жөнгө салынуучу маселелерге карата ушул Макулдашууга караганда кыйла алгылыктуу режим сунуштала турган болсо, сунушталып жаткан жагымдуу режим артыкчылыктуу күчкө ээ болот.

1.5-берене

Консультациялар

Ушул Макулдашууга байланыштуу бардык талаш маселелерди, өз ара алгылыктуу чечимге жетишүү максатында, Тараптар консультациялар аркылуу жөнгө салууга тийиш.

1.6-берене

Айрыкча жагымдуулук режими

ГАТТ 1994 I беренеси жана ага берилген түшүндүрмө жазуулар, ошондой эле ДСУ Макулдашуусуна ылайык колдонулуучу ГАТТ 1994 I беренесинде каралган алып салуулар, жокко чыгаруу жана убактылуу бошотуулар ушул Макулдашуунун курамына киргизилген жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

1.7-берене

Улуттук режим

ГАТТ 1994 III беренеси жана ага берилген түшүндүрмө жазуулар, ошондой эле ДСУ макулдашуусуна ылайык колдонулуучу ГАТТ 1994 III беренесинде каралган алып салуулар, жокко чыгаруу жана убактылуу бошотуулар ушул Макулдашуунун курамына киргизилген жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

1.8-берене

Импорт жана экспорт менен байланышкан жыйымдар, төлөмдөр жана формалдуулуктар

ГАТТ 1994 VIII беренеси жана ага берилген түшүндүрмө жазуулар, ошондой эле ДСУ макулдашуусу боюнча колдонулуучу ГАТТ 1994 VIII беренесинде каралган алып салуулар, жокко чыгаруу жана убактылуу бошотуулар ушул Макулдашуунун курамына киргизилген жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

1.9-берене

Жалпы өзгөчөлүктөр

Мындай чаралар бирдей шарттар басымдуулук кылган өлкөлөрдүн ортосунда эркин же негизсиз басмырлоо каражаты же эл аралык соодага жашыруун чек коюу катары колдонулбаган шарттарда, ушул

Макулдашууда эч бир нерсе кайсы бир Тараптын төмөнкү чараларды кабыл алуусуна же колдонуусуна тоскоол катары кабыл алынбашы керек:

(a) коомдук моралды коргоо үчүн зарыл болгон;

(b) адамдын өмүрүн жана саламаттыгын, жаныбарларды же өсүмдүктөрдү коргоо үчүн зарыл болгон;

(c) алтынды же күмүштү ташып киргизүүгө же чыгарууга байланыштуу;

(d) ГАТТ 1994 II беренесинин 4-пунктуна жана XVII беренесине ылайык колдонулган бажы мыйзамдарын, монополиялар жөнүндө мыйзамдардын сакталышын камсыз кылууга, патенттерди жана товардык белгилерди жана автордук укуктарды коргоо жана адилетсиз тажрыйбалардын алдын алууну камсыз кылууларды кошо алганда, ГАТТ 1994 жоболоруна каршы келбеген, мыйзамдарга жана эрежелерге шайкеш келишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон;

(e) камактагы адамдар тарабынан өндүрүлгөн товарларга тиешелүү;

(f) улуттук көркөм, тарыхий же археологиялык баалуулуктарды коргоо үчүн кабыл алынган;

(g) эгерде мындай чаралар ички өндүрүштү же керектөөнү чектөө менен бир учурда жүргүзүлсө, түгөнүп бараткан табигый ресурстарды консервациялоого тиешелүү;

(h) өкмөт тарабынан ишке ашырылып жаткан турукташтыруу планы катары, мындай материалдарга ички баа дүйнөлүк баадан төмөнүрөөк деңгээлде кармалган мезгилдер аралыгында ата мекендик кайра иштетүү өнөр жайын мындай материалдардын жетиштүү саны менен камсыздоо үчүн зарыл болгон ата мекендик материалдардын экспортун чектөөгө байланыштуу; мындай чектөөлөр экспорттун кеңейишине же тиешелүү ата мекендик өнөр жайдын корголушуна көмөк көрсөтпөгөн, ошондой эле басмырлоого жол бербөө боюнча ГАТТ 1994 жоболорунан четтеген болуп саналбай турган шартта;

(i) жалпы же конкреттүү регион үчүн тартыш болуп саналган товарларды сатып алуу же бөлүштүрүү үчүн олуттуу болгон; ушундай чаралардын ар бири Тараптар мындай товарларды эл аралык жеткирүүдө адилеттүү үлүш укугуна ээ болуу принциби менен шайкеш келген жана чаралардын ар бири ГАТТ 1994 башка жоболору менен шайкеш келбеген шарттарда алардын колдонулушуна себеп болгон шарттар жок болгондо токтотулат.

1.10-берене

Коопсуздук негиздери боюнча өзгөчөлүктөр

Ушул Макулдашуудагы эч бир нерсе төмөнкүдөй түшүнүк бербеши керек:

(a) кайсыл бир Тарапка ал маалыматты ачуу коопсуздуктун негизги кызыкчылыктарына каршы келет деп эсептеген маалыматты берүүнү талап кылуу катары; же

(b) Тараптарга өз коопсуздугунун олуттуу кызыкчылыгын коргоо үчүн зарыл деп эсептеген аракеттерди көрүүгө тоскоолдук жарата турган катары:

(i) бөлүнүүчү материалдарга же алардан даярдалган материалдарга тиешелүү;

(ii) курал-жарактарды, ок-дарыларды жана аскер материалдарын сатуу, ошондой эле тике же кыйыр негизде куралдуу күчтөрдү жабдуу үчүн башка товарларды жана материалдарды сатууга тиешелүү;

(iii) эгерде алар согуш мезгилинде же эл аралык мамилелердеги өзгөчө кырдаалдарда кабыл алынса; же

(c) дүйнө жүзүндө тынчтыкты жана эл аралык коопсуздукту коргоо үчүн Бириккен Улуттар Уюмунун Уставы боюнча милдеттерин аткаруу үчүн бардык аракеттерди көрүүгө Тараптарга тоскоолдук кылуучу катары.

1.11-берене

Купуя маалыматтарды ачыкка чыгаруу

Ушул Макулдашуудагы жоболор кайсы бир тараптан ачыкка чыгарылышы укук колдонууга тоскоолдук жараткан же коомдук кызыкчылыкка каршы келген же айрым мамлекеттик же жеке ишканалардын коммерциялык кызыкчылыгына зыян алып келген купуя маалыматты ачыкка чыгарууну талап кылбайт.

2-ГЛАВА

ТРАНСПАРЕНТТҮҮЛҮК

2.1-берене

Максаты

Ушул келишим аркылуу жөнгө салынуучу маселелерге тиешелүү жалпы колдонуудагы чараларды жарыялоого жана колдонууга байланыштуу натыйжалуу механизмдерди жана эрежелерди түзүү ушул Главанын максаты болуп саналат.

2.2-берене

Чараларды жарыялоо

1. Ар бир Тарап өзүнүн мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык ушул Макуладашуу аркылуу жөнгө салынуучу кайсы маселе болбосун жалпы колдонуудагы өзүнүн бардык чараларын, анын ичинде аларга киргизилген өзгөртүүлөр, ошондой эле өзү катышуучу болуп саналган, ушул Макулдашуу күчүнө киргенден кийин күчүнө кирген эл аралык макулдашуулар тууралуу маалыматтарды электрондук формада дагы эркин колдонуу үчүн өз убагында жарыялоону же башка түрдө жалпыга ачыктоону камсыз кылат. Электрондук формадагы маалымат мүмкүнчүлүккө жараша мындай чараларды колдонууга жана аткарылышын камсыз кылууга ыйгарым укуктуу органды көрсөтүү менен ыйгарым укуктуу органдын расмий жалпыга ачык веб-сайттарына жайгаштырылууга тийиш. Кызыктар адамдар үчүн мындай чаралар тууралуу маалыматты эркин пайдаланылышын, анын ичинде мүмкүнчүлүккө жараша акысыз веб-сайт аркылуу камсыз кылуу зарыл.

2. Ар бир Тарап мүмкүнчүлүккө жараша өзүнүн мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык:

   (а) ушул Беренин 1-пунктунда көрсөтүлгөн, кабыл алуу пландаштырылып жаткан кандай чара болбосун өз убагында жарыялайт;

(b) кызыктар адамдарга жана башка Тарапка мындай чаралар боюнча комментарий берүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт.

3. Кайсы бир Тарап жагынан колдонулган жана калыптанып калган жана бир түрдүү тажрыйбанын алкагында алымдын же башка импорттук жыймдын ставкасын жогорулатууга алып келген же болбосо импортко же ал үчүн төлөмдү которууга карата жаңы же кыйла катуу талаптарды, чектөөлөрдү же тыюу салууларды белгилеген жалпы колдонуудагы эч бир чара, андай чара расмий жарыяланганга чейин колдонулбайт.

2.3-берене

Чараларды колдонуу

1. Ар бир Тарап ушул Макулдашууга тиешелүү жалпы колдонуудагы бардык чараларды бир түрдүү, калыс жана акылга сыярлык мүнөздө колдонот.

2. Ар бир тараптын соттук, арбитраждык же администрациялык трибуналы бар же бажы маселелерине тиешелүү административдик иш-аракеттерди башка максаттардын арасында тез карап чыгуу жана ондоо үчүн иштеп жаткан процедураларды сактап калат же мүмкүн болушунча ылдам уюштурат. Мындай трибуналдар же процедуралар администрациялык укук колдонуу милдети жүктөлгөн органдардан көз карандысыз болот жана алардын чечимдери мындай органдар тарабынан аткарылат жана акыркылар өз практикасында бул чечимдерди сотко же жогору турган инстанциядагы трибуналга импортчулар тарабынан даттануу берүү үчүн белгиленген мөөнөттүн ичинде апелляциялык даттануу түшпөгөн учурда; мындай чечим мыйзамдын белгиленген принциптерине же иш жүзүндөгү жагдайларга шайкеш келбей тургандыгын болжолдоого жетиштүү себептер болгон учурда, мындай органдын борбордук аппараты бул маселени башка өндүрүш тартибинде кайра кароо үчүн чараларды көрүшү мүмкүн болгон шартта жетекчиликке алышат.

3. Ушул берененин 2-пунктунун жоболору ушул Макулдашуу түзүлгөн күнгө карата Тараптын аймагында колдонулган, иш жүзүндө администрациялык иш-аракеттерди объективдүү жана

калыс кайра карап чыгууну камсыздаган процедураларды, эгер мындай процедуралар администрациялык укук колдонуу милдети жүктөлгөн органдардан толук же формалдуу көз каранды болбосо дагы жокко чыгарууну же алмаштырууну талап кылбайт. Мындай процедураны колдонгон каалаган Тарап суроо-талап боюнча алар мындай процедуралардын ушул пункттун талаптарына шайкештигин аныктоо үчүн алар жөнүндө толук маалыматты башка Тарапка берет.

2.4-берене

Чаралар жөнүндө билдирүү жана маалымат берүү

1. Ар бир Тарап башка бир Тарапка, анын пикири боюнча ушул Келишимдин колдонулушуна олуттуу таасирин тийгизе турган кайсы бир чара тууралуу маалыматты маалымдоого умтулат.

2. Эгер кайсы бир Тарап башка бир Тараптын колдонуусундагы, ушул Макулдашуу аркылуу жөнгө салынуучу маселеге таандык болгон кайсы бир чара ушул Келишимдин аткарылышына таасирин тийгизет деп эсептесе, бул Тараптын башка Тараптан мындай чара тууралуу толук маалымат берүүсүн талап кылууга укуктуу. Талап кылган Тарап мындай маалымат жиберүү үчүн негиздерди келтириши зарыл.

3. Кайсы бир Тараптын суроо-талабы боюнча башка Тарап зарыл маалыматты жана кайсы болбосун кабыл алынган жана жалпы колдонуудагы кабыл алуу пландаштырылып жаткан тиешелүү суроолорго жоопту өз убагында сунуштайт. Ушул пунктка ылайык суроо-талап боюнча маалымат суроо-талапка жооп берип жаткан Тараптын мамлекеттик/расмий тилинде суроо-талапты алган күндөн тартып 45 күндөн кечиктирбестен берет.

4. Ушул берененин 1 жана 2-пункттарына ылайык маалымат англис тилинде же тиешелүү Тараптын англис тилине которулган маалымдама максатындагы тиркемеси менен мамлекеттик/расмий тилде жазуу жүзүндө берилет.

5. Маалымат берүү тууралуу бир Тараптын суроо-талабы жана экинчи Тараптан тиешелүү жооптору ушул Макулдашуунун 12.2-

беренесине ылайык аныкталган Тараптын байланыш пункту аркылуу аткарылат.

6. Ушул Макулдашуунун максаты үчүн маалымат ушул Макулдашуунун 1 жана 3-пункттарына ылайык ДСУ Макулдашуусу боюнча милдеттерге ылайык кайсы бир Тарап жагынан берилген же тиешелүү маалымат ачык, анын ичинде Интернет тармагында жооптуу органдын расмий сайтында жайгаштырылган учурда берилет.

3-ГЛАВА

СООДАНЫ КОРГОО ЧАРАЛАРЫ

3.1-берене

Жалпы жоболор

Тараптар ГАТТ 1994 VI беренесинин жана XIX беренесинин жоболоруна, Демпингге каршы чаралар боюнча макулдашууга, СКМ макулдашуусуна жана тиешелүү түрдө Атайын коргоо чаралары боюнча макулдашууга ылайык демпингге каршы, компенсациялык жана атайын коргоо чараларын колдонушат.

3.2-берене

Мыйзамдар жөнүндө маалымат алмашуу

1. Тараптар өздөрүнүн аймактарында демпингге каршы, компенсациялык жана атайын коргоо чараларын жүргүзүүнү жана колдонууну жөнгө салган колдонуудагы мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды бири-бирине сунушташат. Тараптар мыйзамдардагы жана башка ченемдик укуктук актыларда болгон бардык өзгөрүүлөр тууралуу мындай өзгөрүүлөр күчүнө киргенден тартып 60 күндөн кечиктирбестен бири-бирине маалымдашат.

2. Эгерде тиешелүү маалымат ЕАЭБ тарабынан Кытайга берилген болсо, ЕАЭБге мүчө мамлекеттер ушул берененин 1-пунктунун жобосун аткарды деп эсептелет.

3.3-берене

Кабарлоо

Демпингге каршы, компенсациялык же атайын коргоо изилдөөлөрдүн башталуу мүмкүнчүлүгүн караган Тарап, экинчи бир Тарапка мындай изилдөө башталгандыгы тууралуу ал башталганга чейинки 15 күндөн кечиктирбестен кат жүзүндө кабарлоого аракет кылат.

3.4-берене

Маалымат алмашуу

1. Тараптар демпингге каршы, компенсациялык жана атайын коргоо чараларын жүргүзүү жана колдонуу чөйрөсүндө, анын ичинде Тараптардын өз ара түшүнүшүү тажрыйбасын жакшыртуу максатында, Тараптардын тажрыйбасы жана методология боюнча маалыматтарды өз убагында алмашууну камсыз кылышат.

2. Тараптар демпингге каршы, компенсациялык жана атайы коргоо чараларын киргизүүнүн жана колдонуунун эл аралык тажрыйбасы жана алардагы өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтар жана ой-пикир менен үзгүлтүксүз алмашууну камсыз кылышат.

3. Ар бир Тарап экинчи бир Тарапка ушул Главада камтылган бардык маселе боюнча маалымат берүү жөнүндө кат жүзүндө суроо-талап жибере алат. Суроо Тарап жөнөткөн суроонун себебин камтууга тийиш. Тараптар суралган маалыматты акылга сыярлык мезгилдин ичинде, бирок аны алган учурдан тартып 30 күндөн кечиктирбестен берүүгө аракет кылышат. Суралган маалыматты берүү Тараптардын демпингге каршы, компенсациялык же атайын коргоо изилдөөлөрүн баштоосуна же мындай изилдөөнү жүргүзүүгө тоскоолдук жаратпоого тийиш.

3.5-берене

Консультациялар

Тараптар ушул Главада камтылган маселелер боюнча консультацияларды өткөрө алышат. Ушул максатта Тараптардын бири экинчи Тарапка консультация өткөрүү үчүн кат жүзүндө суроо-талап жөнөтөт. Консультациялар мүмкүн болушунча кыска мөөнөттүн ичинде, бирок мындай суроо-талап келип түшкөн учурдан тартып Тараптын кат жүзүндөгү суроо-талабын алгандан кийинки 30 күндөн кечиктирбестен өткөрүлөт. Бул консультациялар Тараптардын демпингке каршы, компенсациялык же атайын коргоо изилдөөлөрүн баштоосуна же мындай изилдөөнү жүргүзүүгө тоскоолдук жаратпоого тийиш.

3.6-берене

Байланыш маалыматтарын алмашуу

1. Тараптар териштирүү жүргүзүшкөн органдардын жана Тараптардын ушул Главага ылайык өз ара иштешүүгө катышкан башка ыйгарым укуктуу органдарынын аталыштары жана байланыш маалыматтары тууралуу маалыматтарды Макулдашуу күчүнө кирген күндөн тартып 30 күндүн ичинде алмашат. Тараптар териштирүү жүргүзүп жатышкан органдарга жана башка ыйгарым укуктуу органдарга тиешелүү бардык өзгөрүүлөр тууралуу бири-бирине өз учурунда маалымдашат.

2. Эгерде тиешелүү маалымат ЕАЭБ тарабынан Кытайга берилсе, ЕАЭБге мүчө мамлекеттер ушул Бereненин 1-пунктунун жобосу аткарылды деп эсептешет.

3.7-берене

2-главаны колдонбоо

Ушул Главанын жоболоруна карата ушул Макулдашуунун 2-главасы колдонулбайт.

3.8-берене

Субсидияларга тиешелүү маселелер

1. Бир Тараптын суроо-талабы боюнча экинчи Тарап СКМ Макулдашуусунун 25.3-беренесине ылайык түзүлгөн, субсидиялар тууралуу билдирүүнү тиешелүү мөөнөттө берет. ДСУга мүчө эмес Тарап СКМ Макулдашуусунун 25.3-беренесинин талаптарына жооп берген форматта жана мазмунда субсидиялар тууралуу билдирүүнү жөнөтөт.

   Тарап экинчи Тарап берген же бере турган субсидиялардын мүнөзү жана өлчөмү тууралуу маалыматты жазуу жүзүндө сурашы мүмкүн. Бул суроо-талапты алган Тарап мындай маалыматты кыска мөөнөт ичинде жана толук формада берип, талап кылына турган кошумча

маалыматтарды жөнөтүүгө даяр болууга тийиш.

2. Эгерде Тараптын экинчи Тарап берген же бере турган субсидиялар ата-мекендик экономика тармагына зыян келтирет, пайданын жок болушуна же кыскарышына жана СКМ Макулдашуусунда аныкталгандай кызыкчылыктарга олуттуу зыян келтирет дегенге негизи болсо, мындай Тарап экинчи Тараптан консультация сурай алат. Консультацияга суроо-талап каралып жаткан субсидиялардын болушуна жана мүнөзүнө (а), жана консультация сурап жаткан Тараптын кызыкчылыгына олуттуу зыян келтиргендиги, ата мекендик экономика тармагына келтирген зыяны, же пайданын жок болушуна же кыскарышына (б) карата болгон далилдерди камтууга тийиш.

3. Ушул Берененин мурдагы пункттарында аталган консультациялар, эгерде Тараптар башка тууралуу макулдашпаса, суроо-талап алынган күндөн тартып 60 күндүн ичинде жүргүзүлүүгө тийиш.

4. Ушул Берене Айыл чарбасы боюнча макулдашуунун 1-тиркемесинде аталган товарларга тиешелүү субсидияларга карата колдонулбайт.

4-ГЛАВА

СООДАДАГЫ ТЕХНИКАЛЫК ТОСКООЛДУКТАР

4.1-берене

Максаттар

Ушул Главанын максаттары:

(a) Тараптардын ортосунда стандарттарды, техникалык регламенттерди жана шайкештигине баа берүү жол-жоболорун иштеп чыгуунун, кабыл алуунун жана колдонуунун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон соодадагы ашыкча тоскоолдуктарга жол бербөө жана аларды четтетүү аркылуу товарларды сатууну жөнөкөйлөтүү;

(b) Тараптардын ортосунда стандарттарды, техникалык регламенттерди жана шайкештикти баалоо жол-жоболорун иштеп чыгуу, кабыл алуу жана колдонуу жаатында маалымат алмашууну кошкондо кызматташууну күчөтүү;

(c) ар бир Тараптын стандарттарын, регламенттерин жана шайкештигин баалоо жол-жоболорун өз ара түшүнүүгө көмөктөшүү;

(d) стандартташтыруу, аккредитациялоо жана шайкештикти баалоо жаатында эл аралык органдардын ишинде Тараптардын ортосунда кызматташтыкты бекемдөө;

(e) Тараптардын ортосундагы соодада келип чыккан ушул Главанын колдонулуу чөйрөсүнүн алкагындагы маселелерди натыйжалуу чечүү.

4.2-берене

Аныктамалар

Ушул Главанын максаттары үчүн СТТ Макулдашуусунун 1-тиркемесинде баяндалган аныктамалар колдонулат.

4.3-берене

Колдонулуу чөйрөсү

1. Ушул Глава Тараптардын ортосунда товарларды сатууга тикелей же кыйыр таасирин тийгизиши мүмкүн болгон, Тараптардын бардык стандарттарына, техникалык регламенттерине жана шайкештикти баалоо жол-жоболоруна колдонулат, буга төмөнкүлөр кирбейт:

   (a) өкмөттүк органдардын өндүрүштүк муктаждыктары жана керектөөлөрү үчүн өкмөттүк органдар тарабынан даярдалуучу сатып алуу өзгөчөлүктөрү;

   (b) ушул Макулдашуунун 5-главасында аныкталган санитардык жана фитосанитардык чаралар.

2. Ар бир Тарап өз аймагынын чегиндеги стандарттарды, техникалык регламенттерди жана/же шайкештигине баа берүү жол-жоболорун иштеп чыгууга, кабыл алууга жана колдонууга жергиликтүү өкмөттүк жана өкмөттүк эмес органдар тарабынан ушул Главанын жоболорунун аткарылышын камсыз кылгыдай жеткиликтүү чараларды көрөт.

4.4-берене

СТТ Макулдашуусун инкорпорациялоо

Эгерде ушул Главада башкасы каралбаса СТТ Макулдашуусу Тараптардын ортосунда колдонулат, ушул Макулдашууга инкорпорацияланат жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

4.5-берене

Транспаренттүүлүк

1. Тараптар стандарттарды, техникалык регламенттерди жана шайкештикти баалоо жол-жоболорун иштеп чыгууга, кабыл алууга жана колдонууга карата транспаренттүүлүктүн маанилүүлүгүн

таанышат.

2. Эгерде Тарап СТТ Макулдашуусунун 2.9-беренесине жана/же 5.6-беренесине ылайык билдирүү жөнөтсө, мындай Тарап:

   (a) экинчи Тараптын жана анын кызыкдар адамдарынын өз комментарийлерин берүү үчүн кеминде 60 күн мөөнөт берет;

   (b) жазуу жүзүндө суроо-талап боюнча экинчи Тарапка суроо-талапты алган күндөн тартып 12 күндүн ичинде сунушталуучу техникалык регламенттердин жана шайкештигине баа берүү жол-жоболорунун текстин берет;

   (c) экинчи Тарапка же анын кызыкдар адамдарына комментарий берүү үчүн мезгил ичинде жасалган комментарийлерге көңүл бөлөт;

   (d) суроо-талап боюнча экинчи Тарапка ушул пункттун «c» пунктчасында айтылган комментарийлерди кабыл алуудан баш тартуу себептери тууралуу экинчи Тарапка маалымат берет.

3. Эгерде Тарап СТТ Макулдашуусунун 2.10-беренесине жана/же 5.7-беренесине ылайык билдирүү жөнөтсө, анда мындай Тарап экинчи Тараптын жазуу жүзүндөгү суроо-талабы боюнча аны алгандан кийинки 5 күндүн ичинде нотификацияланууучу техникалык регламенттердин жана/же шайкештигине баа берүү жол-жоболорунун көчүрмөлөрүн берет.

4. Ар бир Тарап сертификат берүү боюнча аккредиттелген жана/же дайындалган органдардын, сыноо лабораторияларынын тизмелерин, ошондой эле аларды аккредитациялоо/дайындоо чөйрөсү тууралуу маалыматты экинчи Тарапка берет.

5. Ар бир Тарап техникалык регламенттердин жарыяланышы менен күчүнө киришинин ортосунда кеминде 6 ай мөөнөтүн караштырат, мында коопсуздукту камсыз кылуу, саламаттыкты, айлана-чөйрөнү же улуттук коопсуздукту коргоо жагындагы кечиктирилгис проблемалар Тараптар үчүн орун алган жана орун алуу коркунучун жараткан же ушундай техникалык регламенттерде каралган мыйзамдуу максаттарга жетүү үчүн натыйжасыз болуп саналган учурлар эске алынбайт.

6. Ар бир Тарап кабыл алынган техникалык регламенттердин жана шайкештигине баа берүү жол-жоболорунун дароо жарыяланышын камсыз кылат же экинчи Тараптын кызыктар адамдары алар менен тааныша алгыдай шарттарды түзүшөт.

4.6-берене

Кызматташтык

1. Ар бир Тарап экинчи Тараптын суроо-талабы боюнча стандарттарды, техникалык регламенттерди жана шайкештигине баа берүү жол-жоболору боюнча кызматташуу жөнүндө сунуштарды оң жагына карайт. Мындай кызматташуу өз ара макулдашылган шарттарга негизденет жана иштин төмөнкү түрлөрүн камтыйт, бирок алар менен гана чектелип калбайт:

   (a) ар бир Тараптын стандарттарын, регламенттерин жана шайкештигин баалоо жол-жоболорун өз ара түшүнүүнү өнүктүрүү максатында биргелешкен семинарлар;

   (b) квалификацияны жогорулатуу максатында Тараптардын кызмат адамдарын өз ара жиберишүү;

   (c) ушул Главанын алкагында өз ара кызыгууну жаратуучу продукцияларга байланышкан, рынокту контролдоо (көзөмөлдөө) боюнча иш тууралуу маалымат алмашуу;

   (d) техникалык регламенттердин сапатын жогорулатуу максатында илимий-техникалык тармактарда кызматташуу;

   (e) Тараптардын ар биринин техникалык регламентин жана стандарттарды салыштырып изилдөө;

   (f) метрология, сыноо, инспекциялоо жана сертификациялоо чөйрөсүндө кызматташуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү иликтөө;

   (g) өз ара кызыгууну жараткан тармактарда, тиешелүү эл аралык органдардын стандарттарды жана шайкештигине баа берүү жол-жоболорун иштеп чыгууга жана колдонууга байланышкан ишинде кызматташтыкты кеңейтүү;

(h) Соодадагы техникалык тоскоолдуктар боюнча ДСУ комитетинде (мындан ары - СТТ боюнча ДСУ комитети) координациялоону жакшыртуу максатында жана башка тиешелүү эл аралык же региондук форумдарда өз ара аракеттенүүнү жана кызматташууну бекемдөө;

(i) өз ара кызыкчылыкты жаратуучу маселелер боюнча Тараптардын ар биринде стандарттар, техникалык регламенттер жана шайкештикти баалоо жол-жоболору үчүн жооптуу органдардын кызматташуусуна көмөктөшүү.

2. Ушул Бereненин 1-пунктун ишке ашыруу тиешелүү каражаттарга жана Тараптардын тиешелүү мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына жараша болот.

3. Тараптар сыноолорду, инспекцияны, сертификациялоону, аккредитациялоону жана метрологияны кошо алганда бул тармактарда кызматташтыкты кеңейтүү максатында, стандарттар, техникалык регламенттер жана шайкештигине баа берүү жол-жоболору жөнүндө маалымат алмашууну макулдашты.

4. Тараптар тиешелүү механизмдерди түзүүгө жана колдоого умтулушат, булардын негизинде алардын стандарттары, техникалык регламенттери жана шайкештигине баа берүү жол-жоболору төмөнкү ыкмалар аркылуу акырындап шайкеш келүүлөрү мүмкүн:

(a) бул тармактарда кабыл алынган, анын ичинде СТТ боюнча ДСУ комитетинин алкагында иштелип чыккан эл аралык инструменттердин пайдаланылышын колдоо;

(b) эл аралык стандарттар ылайыксыз жана натыйжасыз болуп саналган учурларды эске албаганда, Тараптардын улуттук стандарттарын эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүнү күчөтүү.

5. Тарап экинчи Тараптын суроо-талабы боюнча ушул Главаны колдонуу чөйрөсүнүн алкагында конкреттүү секторлор же товардык топтор боюнча кызматташуу жөнүндө сунушту карайт.

6. Конкреттүү секторлор же товардык топтор үчүн стандарттарды,

техникалык регламенттерди жана шайкештигине баа берүү жол-жоболорун жакындатуунун негизинде Тараптар соодадагы ашыкча тоскоолдуктарды четтетүү аркылуу Тараптардын ортосунда сооданы жеңилдетүү жөнүндө макулдашуулар боюнча сүйлөшүүлөрдү баштоо мүмкүнчүлүгүн карай алышат.

7. Эгерде Тарап мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрмө пунктунда экинчи Тараптан экспорттолуучу товарларды алардын техникалык регламенттин (теринин) жана шайкештигине баа берүү жол-жоболорунун талаптарына жооп бере тургандыгын тастыктаган документтердин жоктугунан улам, же бул товарлардын техникалык регламентке (терге) шайкеш келбестигине шектелгендигинен өткөрбөй кармап турса, мунун себептери тууралуу импорттоочуга же импорттоочунун өкүлүнө (ташуучу) расмий түрдө дароо маалымдалууга тийиш.

4.7-берене

Техникалык консультациялар

1. Эгерде Тарап экинчи Тараптын тиешелүү техникалык регламенти же шайкештигине баа берүү жол-жобосу анын экспортуна карата экинчи Тарапта тоскоолдуктарды жаратса, ал техникалык консультация сурашы мүмкүн.

2. Суроо-талап келген Тарап, аны алгандан кийинки 60 күндүн ичинде өз ара алгылыктуу чечим кабыл алуу максатында техникалык консультацияга кошулат. Техникалык консультациялар Тараптар тарабынан өз ара макулдашылган кайсы болбосун ыкмалар менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

4.8-берене

Маалымат алмашуу

1. Эгерде ушул Главада башкача каралбаса, Тарап экинчи Тараптын суроо-талабына 60 күндөн ашпоого тийиш болгон ылайыктуу мөөнөттүн ичинде жооп берет.

2. Тараптар мүмкүн болушунча ушул Главада камтылган маселелер боюнча маалымат алмашууну англис тилинде жүргүзүүгө аракеттенишет.

4.9-берене

Байланыш пункттары

1. Тараптар ушул Главаны колдонуу маселелери боюнча координациялоого жооптуу болгон байланыш пунктун же байланыш пункттарын аныкташат.

   Мындай байланыш пункттарынын функцияларына төмөнкүлөр кирет:

   (a) ушул Макулдашуунун 4.5-беренесине ылайык Тараптардын ортосундагы кызматташтык;

   (b) ушул Главаны колдонуу чөйрөсүнүн алкагында маалымат алмашуу;

   (c) ушул Главаны колдонуу чөйрөсүнүн алкагында кызматташуу жөнүндө суроо-талап алуу, жөнөтүү жана тиешелүү жоопторду берүү;

   (d) ушул Главанын 4.7-беренесине ылайык консультациялар тууралуу суроо- талаптарды жиберүү жана алуу, тиешелүү жоопторду берүү.

2. Ар бир Тарап экинчи Тарапка дайындалган байланыш пункту же байланыш пункттары, анын ичинде байланышчу адам (дар)дын аты-жөнү, телефон номери (лер), факсынын номери жана электрондук почта дареги тууралуу маалыматтарды берет.

3. Ар бир Тарап экинчи Тарапка өзүнүн байланыш пунктундагы (байланыш пункттарындагы) кайсы болбосун өзгөрүүлөр, ошондой эле тиешелүү байланыш адамынын (байланыш адамдарынын) ар кандай өзгөртүүлөрү тууралуу өз учурунда маалымдайт.

5-ГЛАВА

САНИТАРДЫК ЖАНА ФИТОСАНИТАРДЫК ЧАРАЛАР

5.1-берене

Максаттар

Төмөнкүлөр ушул Главанын максаты болуп саналат:

(a) Тараптардын аймагында адамдардын, жаныбарлардын өмүрүн же саламаттыгын, өсүмдүктөрдү коргоо жана Тараптардын эл аралык милдеттерине шайкеш келген санитардык жана фитосанитардык чараларды киргизүү жана колдонуу укугун таануу менен Тараптардын соодасына санитардык жана фитосанитардык чаралардын терс таасирин минималдаштыруу максатында өз ара иштешүүнү бекемдөө;

(b) Тараптардын санитардык жана фитосанитардык чаралар чөйрөсүндө жөнгө салуу системаларын өз ара түшүнүшүүнү жакшыртуу;

(c) Тараптардын санитардык жана фитосанитардык чараларынын жана жөнгө салуу системаларынын транспаренттүүлүгүн арттыруу;

(d) Тараптардын компетенттүү органдарынын ортосунда санитардык жана фитосанитардык чаралар чөйрөсүндө кызматташуусун күчөтүү.

5.2-берене

Колдонулуу чөйрөсү

Ушул Глава Тараптардын ортосунда товарларды сатууга түз же кыйыр таасирин тийгизе турган Тараптардын баардык санитардык жана фитосанитардык чараларына жайылтылат.

5.3-берене

Аныктамалар

Ушул Главанын максаттары үчүн СФС Макулдашуусуна карата А тиркемесинде баяндалган аныктамалар колдонулат.

5.4-берене

СФС Макулдашуусун инкорпорациялоо

Эгерде ушул Главада башкача белгиленбесе, СФС Макулдашуусу Тараптардын ортосунда колдонулат жана ушул Макулдашууга инкорпорацияланып, анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

5.5-берене

Маалымат алмашуу жана транспаренттүүлүк

1. Тараптар санитардык жана фитосанитардык чараларды иштеп чыгууда жана колдонууда, өздөрүнүн тиешелүү санитардык жана фитосанитардык чаралары тууралуу өз учурунда маалымат алмашуу аркылуу транспаренттүүлүктү камсыз кылуунун маанилүүлүгүн таанышат.

2. Тарап СФС Макулдашуусунун В тиркемесинин 5 (b)-пунктуна же 6 (a)-пунктуна ылайык билдирүү жөнөткөн учурда, мындай Тарап суроо-талап боюнча экинчи Тарапка иштелип чыккан чаралардын көчүрмөсүн берет.

3. Ар бир Тарап экинчи Тарапка иштелип чыккан санитардык жана фитосанитардык чараларга карата комментарий берүү үчүн кеминде 60 күн убакыт берет, буга калктын саламаттыгын коргоого байланыштуу чукул проблемалар келип чыккан же келип чыгышы мүмкүн болгон учурлар кирбейт.

4. Ар бир Тарап экинчи Тараптын комментарийин эске алат жана суроо-талап боюнча ага жооп берүүгө аракет кылат.

5. Эгерде Тарап экинчи Тараптан экспорттолуучу товарларды санитардык жана фитосанитардык талаптарды бузуулар аныкталгандыгына байланыштуу өткөрмө пунктунда кармап турса, кармап туруу себептери импорттоочуга (ташуучуга) жазуу жүзүндө маалымдалууга тийиш.

6. Ар бир Тарап экинчи Тараптан жазуу жүзүндө суроо-талап алган учурда, Тараптардын өз ара соодасында келип чыккан же чыгышы мүмкүн болгон санитардык жана фитосанитардык чараларга байланыштуу кайсы болбосун маселеге тиешелүү маалыматты өз учурунда берүүгө аракет кылышат.

7. Тараптар англис тилинде маалымат алмашууга аракеттенишет.

5.6-берене

Кызматташтык

1. Тараптар ушул Главаны ишке ашырууга көмөктөшүү жана тиешелүү системаларды өз ара түшүнүүнү жакшыртуу максатында кызматташууга макулдашты. Мындай кызматташуу өз ара макулдашылган шарттарга жана жоболорго негизденүүгө тийиш жана иштин төмөнкү түрлөрүн камтыйт, бирок алар менен гана чектелип калбайт:

   (a) ушул Главанын колдонулуу чөйрөсүнүн алкагында санитардык жана фитосанитардык чараларга тиешелүү маалыматтарды алмашуу;

   (b) тиешелүү эл аралык уюмдарды, анын ичинде Карантин жана өсүмдүктөрдү коргоо боюнча эл аралык конвенцияны, "Кодекс Алиментариус" комиссиясын жана Жаныбарлардын ден соолугун коргоо боюнча бүткүл дүйнөлүк уюмдун алкагында тамак-аш азыктарынын, адамдардын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн өмүрү жана ден соолугунун коопсуздугу маселеси боюнча иштешкен, Тараптардын компоненттүү органдарынын ортосундагы кызматташтыкты, коммуникацияны жана координацияны күчөтүү;

(c) тамак-аш азыктарынын коопсуздугун камсыз кылуу жана жаныбарлардын ылаңдарынын жана зыянкечтердин тарап кетишине жол бербөө үчүн Тараптар кабыл алган өз ара түшүнүшүү чараларын тереңдетүү максатында компетенттүү органдардын тажрыйба алмашуусу үчүн окутуу программаларын иштеп чыгуу;

(d) оорулардан же зыянкечтерден эркин аймактарды жана Тараптардын аймагында оорулар менен зыянкечтер аз тараган аймактарды таануу кошо алганда, региондук шарттарга ыңгайлашууга тиешелүү маселелер боюнча кызматташуу;

(e) лабораториялык изилдөөлөрдүн технологияларына, оору менен зыянкечтерди контролдоо ыкмаларына жана тобокелдикке талдоо жүргүзүү методологиясына тиешелүү тажрыйба алмашууну колдоо; жана

(f) ДСУ Макулдашуусуна ылайык атайын дайындалган санитардык жана фитосанитардык чараларга тиешелүү маселелер боюнча Тараптардын маалымат борборлорунун ортосунда өз ара иштешүүнү жана маалымат алмашууну кеңейтүү.

2. Тараптар санитардык жана фитосанитардык чараларды иштеп чыгуу жана колдонуу маселелери боюнча кызматташтыкты андан ары өнүктүрүүгө багытталган кошумча макулдашууга жетише алышат.

5.7-берене

Техникалык консультациялар

1. Эгерде Тарап экинчи Тараптын санитардык жана фитосанитардык чарасы башка Тарапка экспорттоого карата тымызын чектөөлөрдү түздү деп эсептесе, ал техникалык консультация сурай алат.

2. Суроо -талап жөнөтүлгөн Тарап аны алгандан кийинки 60 күндөн ашпаган мезгил ичинде, өз ара алгылыктуу чечим кабыл алуу максатында техникалык консультацияга кошулат. Техникалык консультациялар Тараптар өз ара макулдашкан каалагандай

формада жүргүзүлөт.

5.8-берене

Байланыш пункттары

1. Ар бир Тарап байланыш пунктун же ушул Тараптын атынан ушул Главанын ишке ашырылышын координациялоого жооптуу байланыш пункттарын дайындашат.

   Мындай байланыш пункттарынын функциялары төмөнкүлөрдү камтыйт:

   (a) ушул Главанын 5.5-беренесине ылайык кызматташууну;

   (b) ушул Главанын 5.7-беренесине ылайык консультациялар жөнүндө суроо - талаптарды алуу жана жөнөтүү;

   (c) ушул Главанын алкагында кызматташтыкты ишке ашыруу үчүн суроо-талаптарды алуу, жөнөтүү жана тиешелүү жоопторду берүү.

2. Ар бир Тарап экинчи Тарапка дайындалган байланыш пункту же байланыш пункттары, анын ичинде байланышуучу адамдын аты-жөнү, телефон (-дордун) номери (-лерин), факсынын номери (-лери) жана электрондук почта дареги (-тери) сыяктуу байланыш маалыматтарын берет.

3. Ар бир Тарап өз байланыш пункттарындагы кайсы болбосун өзгөрүүлөр же тиешелүү байланышуучу адамынын (байланыш адамдарынын) байланыш маалыматтарынын өзгөрүүлөрү тууралуу экинчи Тарапка дароо маалымдайт.

6-ГЛАВА.

БАЖЫ КЫЗМАТТАШТЫГЫ ЖАНА СООДА ЖОЛ-ЖОБОЛОРУН ЖЕҢИЛДЕТҮҮ

6.1-берене

Аныктамалар

Ушул главанын максаттары үчүн:

(a) **“алдын ала чечимдер”** - Тараптын арыз ээсине арызда көрсөтүлгөн товарды ташып келгенге чейин берген жазуу жүзүндөгү чечими, анда мындай Тарап товардын тарифтик классификациясы, товардын келип чыгышы боюнча ташып келүү учурунда товарга карата берүүчү режими баяндалат;

(b) “**бажы мыйзамдары**” - Бажы жол-жоболорун жеңилдетүү жана шайкеш келтирүү жөнүндө Эл аралык конвенция түшүнүгүндөгү бажы мыйзамдары (Кайра каралган Киото Конвенциясы);

(c) “**бажы аймагында кайра иштетүү**” - бажы жол-жобосу, ага ылайык айрым товарлар Тараптын бажы аймагына ташып келүү бажы алымдарын жана салыктарды төлөөдөн толук же жарым жартылай шарттуу түрдө бошотуу менен ташылып келинет же ага ылайык мындай товарларга карата алардын өндүрүү, кайра иштетүү же оңдоо жана кийин кайра ташып кетүү үчүн арналгандыгынын негизинде төлөнгөн ташып келүү бажы алымдарынын суммалары кайтарылышы мүмкүн.

(d) **“транспорт каражаттары”** - Тараптын аймагына кирүүчү же чыгуучу, адамдарды жана\же товарларды ташуучу темир жол транспорт каражаттарын, аба кемелерин кошкондо, кемелердин, жер үстүндөгү транспорт каражаттарынын ар кандай түрлөрү.

6.2-берене

Колдонуу чөйрөсү жана максаттары

1. Ушул Глава бажы операцияларына жана Тараптардын ортосунда товарларды сатууга жана аны менен байланышкан транспорт каражаттарынын Тараптардын ортосунда жүрүүсүнө тиешелүү бажылык жөнгө салуу маселелерине карата колдонулат.

2. Ушул Главанын максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

   (a) Тараптардын бажы операцияларын жөнөкөйлөтүү;

   (b) Тараптардын ортосундагы соода жол-жоболорун жеңилдетүү, анын ичинде товарларды чыгарууну жана бажылык тазалоону аларды трансчек аралык алып өтүүнү тездетүү үчүн тездетүү аркылуу жана ушуга байланыштуу Тараптардын тышкы соода ишинин катышуучулары тартакан чыгымдарды азайтуу;

   (c) Тараптардын бажы операцияларынын транспаренттүүлүгүн жана болжолдоого боло тургандыгын жогорулатуу; жана,

   (d) Ушул Главаны колдонуу чөйрөсүндө бажы кызматташтыгына көмөктөшүү.

6.3-берене

Жеңилдетүү

1. Ар бир Тарап кыйла болжолдоого боло турган, ырааттуу жана транспаренттүү бажылык жөнгө салууну камсыз кылуу максатында ушул Главада камтылган маселелерге тиешелүү өздөрүнүн жалпы колдонуудагы мыйзамдарын жана ченемдик укуктук актыларын бир түрдүү, калыстык менен жана негиздүү колдонушат.

2. Тараптар алардын ортосундагы чыгашаларды жана негизсиз кармап турууларды төмөндөтүү максатында, мүмкүнчүлүккө жараша, эл аралык стандарттарга, көбүнчө Дүйнөлүк бажы уюмунун стандарттарына жана сунушталган тажрыйбаларына негизделген

натыйжалуу бажы жол-жоболорун пайдаланышат.

3. Тараптар ортосундагы соода жүргүзүүнү жеңилдетүү максатында аларды жөнөкөйлөтүү үчүн өз бажы операцияларын мезгил-мезгили менен кайра карап турууга аракет кылышат.

4. Тараптар бажы контролунун чараларын, формалдуулукту жана Тараптардын ортосунда товарларды сатууда талап кылынган документтердин санын зарыл болгондор жана юридикалык маанилүү талаптарды сактоону камсыз кылуу үчүн арналгандар менен гана чектөөгө аракет кылышат, муну менен тиешелүү жол-жоболорду максималдуу мүмкүн болгон даражада жөнөкөйлөтөт.

5. Тараптар алардын ортосунда макулдашылган шарттардын негизинде товарлар менен транспорт каражаттарынын транзитин контролдоо максатында колдонулуп жаткан идентификациялоо каражаттарын жана Тараптар талап кылган документтерди өз ара тааный алышат.

6.4-берене

Бажы наркын аныктоо

Тараптар ДСУ макулдашуусунун, анын ичинде Бажы наркын баалоо жөнүндө макулдашуунун тиешелүү жоболоруна ылайык Тараптардын ортосунда жүгүртүүдөгү товарлардын бажылык наркын аныкташат.

6.5-берене

Товарларды классификациялоо

Тараптардын ортосундагы жүгүртүүдөгү товарларга карата Тараптар 1986-жылдын 24-июнундагы Товарларды сыпаттоонун жана код коюунун шайкеш келтирилген системасы жөнүндө эл аралык конвенцияда камтылган Шайкеш келтирилген системанын (мындан ары -“Шайкеш келтирилген система” деп аталат) акыркы редакциясына негизделген товардык номенклатураны колдонушат.

6.6-берене

Тобокелдиктерди башкаруу

1. Ар бир Тарап бажылык контролдоо максатында тобокелдиктерди башкаруу системасын түзөт же күчүндө калтырат.

2. Ар бир Тарап тобокелдиктерди башкаруу системасын эркин же негизсиз дискриминацияга же эл аралык соода үчүн жашыруун чектөөргө жол берилбегидей түзөт жана колдонот.

3. Ар бир Тарап бажы контролун жана мүмкүн болгон деңгээлде чек арада тобокелдиги жогорку деңгээлде болгон жүктөргө контролдоонун башка түрлөрүн жүргүзөт жана тобокелдиги төмөн жүктөрдү чыгарууну тездетет. Тарап өзүнүн тобокелдикти башкаруу системасынын бир бөлүгү катары контролдоонун мындай түрлөрүн жүргүзүү үчүн партияларды эркин тандай алат.

4. Ар бир Тарап тандоонун тиешелүү критерийлери боюнча тобокелдиктерди баалоо боюнча тобокелдиктерди башкаруу системасын негиздейт. Тандоонун мындай критерийлери Шайкеш келтирилген системанын кодун, товарлардын мүнөздөмөсүн жана сыпаттамасын, алар чыккан өлкөнү, товарлар жүктөп жөнөтүлгөн өлкөнү, товарлардын наркын, соода жүргүзгөн жактар тарабынан мыйзамдардын талаптарынын сакталышы жөнүндө маалыматты, ошондой эле транспорт каражатынын тибин камтыйт.

5. Тараптар ушул Бereненин максаттары үчүн ташылуучу товарлар жана транспорт каражаттары жөнүндө алдын ала маалыматты бажы органдарына берүүгө көмөктөшөт.

6.7-берене

Товарларды убактылуу ташып келүү жана бажы аймагында кайра иштетүү

1. Ар бир Тарап өзүнүн бажы мыйзамдарына ылайык товарларды ташып келүү бажы алымдарын жана салыктарды төлөөдөн толугу же жарым жартылай шарттуу түрдө бошотуу менен өз бажы аймагына ташып келүүгө уруксат берет, эгерде мындай товарлар

бажы аймагына өзгөчө максаттар үчүн ташылып келсе, белгилүү бир убакыттын ичинде реэкспорт үчүн арналса жана табигый эскиришинен жана аларды пайдалануунун натыйжасында азаюусунан тышкары, эч кандай өзгөрүүлөргө учурабаса.

2. Ар бир Тарап өзүнүн бажы мыйзамдарына ылайык бажы аймагында товарларды кайра иштетүүгө уруксат берет.

6.8-берене

Тез бузулуучу товарлар

1. Тараптар ташып келинүүчү Тараптын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын талаптары аткарылган шартта, тез бузулуучу товарларга карата тездетилген бажы жол-жоболорун камсыз кылууга аракет кылышат.

2. Тез бузулуучу товарларга зыян келтирилишине же алардын бузулушуна жол бербөө максатында жана мыйзамдардын бардык талаптары сакталган шартта ар бир Тарап тез бузулуучу товарлардын төмөнкүдөй шартта чыгарылышын камсыз кылат:

   (a) кадимки жагдайларда кыска мөөнөттө; жана

   (b) өзгөчө учурларда, эгер мүмкүн болсо бажы жана башка тиешелүү органдардын жумуш эмес учурларында.

3. Ар бир Тарап бардык зарыл болгон текшерүүлөрдүн кезегин аныктоодо тез бузулуучу товарларга тиешелүү артыкчылык беришет.

6.9-берене

Товарларды чыгаруу

1. Тараптардын ортосунда соода жүргүзүүнү жеңилдетүү максатында ар бир Тарап товарларды негизсиз токтотууларсыз натыйжалуу чыгарууну караган жеңилдетилген бажы жол-жоболорун кабыл алат же сактайт. Тактоо максатында ушул пункт эгер мындай

Тараптын чыгаруу боюнча талаптары сакталбаса, Тараптан товарларды чыгарууну талап кылбайт.

2. Ушул берененин 1-пунктуна ылайык ар бир Тарап төмөнкүдөй жол-жоболорду түзөт же күчүндө калтырат:

(a) мыйзамдардын бардык башка талаптары сакталган шартта, товарлар келгенден кийин кыска мөөнөттө алардын чыгарылышын камсыз кылган;

(b) товарлардын чыгарылышын тездетүү максатында, товарлар иш жүзүндө келгенге чейин маалыматтарды электрондук түрдө алдын ала берүүнү жана аны иштеп чыгууну мүмкүн болгон деңгээлде камсыз кылышат; ошондой эле

(c) импортер жеткиликтүү жана так кепилдиктерди берген, ошондой эле товарларды кошумча текшерүүлөр, кароолор, же кандайдыр бир башка көрсөтүүлөр талап кылынбай тургандыгы тууралуу чечим кабыл алынган шартта импортерлорго ташып келүүгө карата ушул Тараптын бардык талаптары аткарылганга чейин товарларды чыгарууга уруксат берилиши мүмкүн.

3. Ар бир Тарап анын бажы мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылуу үчүн зарыл болгон убакыттан ашпаган мезгилдин ичинде товарлардын чыгарылышын камсыз кылат.

6.10-берене

Бажы кызматташтыгы

1. Тараптардын бажы органдары ушул Главаны колдонуу менен байланышкан маселелер боюнча Тараптардын мыйзамдарында жана башка ченемдик укуктук актыларында жол берилген деңгээлде тажрыйба алмашууга умтулушат.

2. Ушул Главада камтылган бажы кызматташтыгын өнүктүрүү максатында жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен Кытайдын бажы маселелери боюнча колдонулуудагы эки тараптуу макулдашууларын көңүл алуу менен Тараптар өз ара жардам суроо

жол-жоболору боюнча макулдашууларды иштеп чыга алышат.

6.11-берене

Коштомо документтерге карата талаптар

1. Ар бир Тарап товарларды импорттоодо талап кылынган коштомо документтердин кагаз жүзүндөгү же электрондук көчүрмөлөрүн кабыл алууга умтулушат.

2. Импорттоочу Тарап экспорттоочу Тараптын бажы органдарына берилген экспорттук декларацияларынын түп нускасын же көчүрмөлөрүн товарларды чыгаруу үчүн милдеттүү шарт катары талап кылбайт.

6.12-берене

Сертификациялоочу органдардын маалыматтары жөнүндө билдирүү

Ар бир Тарап экинчи Тарапка Кытай Эл Республикасынын Башкы бажы башкармалыгы жана Евразия экономикалык комиссиясы аркылуу товардын келип чыгышы жөнүндө преференциялык эмес сертификаттарды берүүгө ыйгарым укуктуу Тараптардын аталыштары жана даректери тууралуу, ошондой эле товардын келип чыгышы жөнүндө преференциялык эмес сертификаттарды верификациялоочу Тараптардын аталыштары жана даректери тууралуу маалыматтарды берет. Тараптар мындай маалыматтар өзгөргөн учурда кыска мөөнөттүн ичинде мындай маалыматтардын өзгөргөндүгү жөнүндө бири-бирине маалымдашат.

6.13-берене

Бажы өкүлдөрү (брокерлери)

1. Тараптар бажы өкүлдөрүнө (брокерлерине) тиешелүү мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын транспаренттүүлүгүн камсыздашат.

2. Тараптар товарларды бажылык декларациялоодо бажы өкүлдөрүнүн (брокерлеринин) кызмат көрсөтүүлөрүн милдеттүү түрдө пайдалануу талап кылышпайт.

6.14-берене

Маалыматтык технологияларды колдонуу

1. Ар бир Тарап бажы операцияларын жүргүзүү үчүн Дүйнөлүк бажы уюмун кошкондо, тиешелүү эл аралык уюмдардын бул жааттагы иштеп чыгууларын эске алуу менен, атап айтканда кагаз колдонулбаган технологияларды пайдалануу менен экономикалык жактан негизделген жана Тараптар, соода үчүн пайдалуу болгон маалыматтык технологияларды колдонушат.

2. Тараптардын бажы органдары декларанттарга товарларды электрондук түрдө декларациялоо мүмкүнчүлүгүн беришет.

6.15-берене

Бирдиктүү терезе

1. Тараптар өздөрүнүн эл аралык милдеттенмелерине ылайык соода жол-жоболорун жеңилдетүү, бажы технологияларын жана практикаларын модернизациялоо боюнча эл аралык стандарттарга жана алдыңкы практикаларга ылайык “бирдиктүү терезе” улуттук механизмин иштеп чыгууга жана жайылтууга умтулушат.

2. Тараптар “бирдиктүү терезе” улуттук механизминин ортосунда функционалдык шайкештикти камсыз кылууга умтулушат, бул тышкы экономикалык ишти жүргүзүүгө зарыл болгон электрондук документтерди жана маалыматтарды, чек араларда комплекстүү башкаруунун алкагында бажы контролунун натыйжаларын өз ара таануу үчүн шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул максаттар үчүн Тараптар “бирдиктүү терезе” улуттук механизминин ортосунда маалыматтык өз ара аракеттенүүнү камсыз кылган уюштуруу-укуктук жана техникалык базаны түзүүгө умтулушат.

3. “Бирдиктүү терезе“ улуттук механизминин ортосундагы

маалыматтык өз ара аракеттенүү ЕАЭСтин Интеграцияланган маалыматтык системасынын колдонуудагы техникалык инфраструктурасын жана Кытай Эл Республикасынын Борбордук электрондук портунун платформасынын инфраструктурасын пайдаланууга негизделиши керек.

6.16-берене

Чек арадагы координацияланган башкаруу

Тараптар товарларды ташып келүүгө, ташып кетүүгө жана транзиттөөгө тиешелүү чек арадагы контролго жана жол-жоболорго жооптуу өздөрүнүн органдарынын жана мекемелеринин бири-бири менен кызматташуусун жана соода жол-жоболорун жеңилдетүү максатында өз ишин координациялоосун камсыз кылышат.

6.17-берене

Ыйгарым укуктуу экономикалык операторлорду өз ара таануу

Ар бир Тарап ыйгарым укуктуу экономикалык оператор (ЫЭО) боюнча программаны уюштурууга умтулушат жана ЫЭОну өз ара таануу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү баштай алат.

6.18-берене

Бажы инфраструктурасын өнүктүрүү

Тараптар тиешелүү өткөрүү пункттарынын ишинин көлөмүн эске алуу менен, чектеш өткөрүү пункттарында колдонулуучу бажы контролунун техникалык каражаттарын, инжинирингди, маалыматтык технологияларды, телекоммуникациялык системаларды жана кошумча жабдууларды камтуучу бажы инфраструктурасын андан ары өнүктүрүүгө жана модернизациялоого багытталган иштерди бирге жүргүзүүгө умтулушат.

6.19-берене

Алдын ала чечимдер

1. Ар бир Тарап чектелген убакыттын ичинде бардык зарыл болгон маалыматты камтыган жазуу жүзүндөгү суроо-талапты берген арыз ээсине алдын ала чечимди берет.

   Эгерде Тарап алдын ала чечимди берүүдөн баш тартса, ал бул тууралуу мындай чечимди кабыл алуу үчүн тиешелүү фактыларды жана негиздерди келтирүү менен жазуу жүзүндө арыз ээсине дароо кабарлайт.

2. Тарап эгерде арызда козголгон маселе төмөнкүдөй болсо арыз ээсине алдын ала чечимди берүүдөн баш тарта алат:

   (a) арыз ээсине карата кайсы болбосун өкмөттүк ведомстводо, апелляциялык органда же сотто кароодо болсо; же

   (b) кайсыл болбосун апелляциялык орган же сот тарабынан буга чейин каралса.

3. Алдын ала чечим эгерде мыйзамдар, фактылар же ушул чечим менен байланышкан жагдайлар өзгөрбөсө, ал берилгенден кийин белгилүү бир мезгилдин ичинде күчүндө болууга тийиш.

4. Эгерде Тарап алдын ала чечимди кайра сурап алса, өзгөртсө же жараксыз деп тааныса, ал мындай чечим кабыл алуу үчүн тиешелүү фактыларды жана негиздерди баяндоо менен арыз ээсине жазуу жүзүндө кабарлайт. Тарап алдын ала чечимди ретроактивдүү кайра сурап алса, өзгөртсө же жараксыз деп тааныса, ал муну алдын ала чечим толук эмес, туура эмес жана анык эмес же жаңылыштыкка алып келген маалыматтарга негизделген учурларда гана жасай алат.

5. Тарап берген алдын ала чечим мындай чечим үчүн кайрылган арыз ээсине карата ошол Тарап үчүн милдеттүү болууга тийиш. Тарап арыз ээси үчүн алдын ала чечимдин милдеттүүлүгүн карай алат.

6. Ар бир Тарап кеминде төмөнкүлөрдү жарыялайт:

   (a) алдын ала чечим үчүн арызга, анын ичинде берилүүгө

тийиш маалыматка жана форматына карата талаптар;

(b) ал алдын ала чечим бере турган мезгил; ошондой эле

(c) алдын ала чечим күчүндө болуп санала турган мезгил.

7. Ар бир Тарап арыз ээсинин жазуу жүзүндөгү суроо-талабы боюнча алдын ала чечимди жана кайра сурап алуу, өзгөртүү же жараксыз деп тааныу жөнүндө чечимдерди кайра карап чыгат.

8. Ар бир Тарап коммерциялык маалыматтын купуялуулугун коргоо зарылдыгын көңүл алуу менен анын оюу боюнча башка кызыкдар тараптар үчүн олуттуу кызыкчылыкты жараткан алдын ала чечимдер боюнча бардык маалыматтардын жалпыга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга умтулат.

6.20-берене

Маалымат алмашуу

1. Бажы контролун тездетүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле мыйзамдуу соода жүргүзүү жол-жоболорун жеңилдетүү максатында Тараптар ЕАЭБ менен Кытайдын бажы чек арасы аркылуу өтүүчү товарлар жана транспорт каражаттары жөнүндө электрондук маалымат алмашуу боюнча макулдашуу (мындан ары "Электрондук маалымат алмашуу боюнча макулдашуу") түзүү мүмкүндүгүн карай алышат.

2. Тараптар алмашуу үчүн маалыматтардын элементтери боюнча консенсуска жетүүгө аракет кылышат, андан кийин кыска мөөнөттүн ичинде Электрондук маалымат алмашуу боюнча макулдашуу түзүүгө умтулушат.

3. ЕАЭБ тарабынан Евразия экономикалык комиссиясы маалымат алмашууну уюштуруу жана көмөк көрсөтүү маселелери боюнча координациялоого жооп берет.

6.21-берене

Маалымат борборлору

1. Ар бир Тарап кызыктар жактардан бажылык жөнгө салуу маселелери боюнча суроо-талаптарды алуу максатында бир же бир нече маалыматтык борборлорду дайындайт, ошондой эле тиешелүү суроо-талаптарды жиберүү жол-жоболору боюнча маалыматтарды Интернет түйүндөрүндө жеткиликтүү кылат.

2. Тараптар бири-бирине дайындалган маалымат борборлору жөнүндө маалыматтарды жиберишет.

6.22-берене

Кайра карoo жана даттануу

Ар бир Тарап өз мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык импортер, экспортер же бажы маселеси боюнча административдик чечимдерге тартылган кайсы болбосун башка жак үчүн төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат:

(a) тиешелүү чечимди кабыл алган кызмат адамына же ведомствого карата жогору турган же көз карандысыз болуп саналган бажы органы тарабынан чечимдердин административдик кайра каралуусун;

(b) анын мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык чечимдердин соттук кайра каралуусун.

6.23-берене

Консультациялар

1. Ар бир Тарап ушул Главаны колдонууга байланыштуу келип чыккан бардык маселелер боюнча, сураган Тарап берген фактылар же алгылыктуу негиздер болгон учурда экинчи Тараптан консультацияларды ала алат.

2. Консультациялар ушул Макулдашуунун 12.2-беренесине ылайык түзүлгөн тиешелүү байланыш пункттары аркылуу, суроо-талап алынган учурдан тартып 60 күндүн ичинде же Тараптардын өз ара макулдугу боюнча белгиленген каалагандай башка мезгилдин ичинде жүргүзүлөт.

3. Эгерде каралып жаткан маселе мындай консультациялар аркылуу чечилбесе, сураган Тарап мындай маселени Макулдашуунун ушул Главасынын 6.24-беренесинде көрсөтүлгөн Чакан комитеттин кароосуна бере алат.

6.24-берене

Бажы кызматташтыгы жана соода жол-жоболорун жеңилдетүү боюнча чакан комитет

1. Ушул Главаны натыйжалуу ишке ашыруу максатында Биргелешкен комиссиянын алкагында Бажы кызматташтыгы жана соода жол-жоболорун жеңилдетүү боюнча чакан комитет (мындан ары – "БКСЖЖ боюнча чакан комитет" деп аталат) түзүлөт.

2. БКСЖЖ боюнча чакан комитет төмөнкү функцияларды аткарат:

   (a) ушул Главаны талаптагыдай ишке ашырууну жана аны колдонууга байланыштуу келип чыккан бардык маселелерди чечүүнү камсыз кылат;

   (b) Тараптардын ортосунда сооданы жөнөкөйлөтүү максатында өркүндөтүлө турган, ушул Главага байланыштуу тармактарды аныктоо максатында ушул Главаны ишке ашыруунун мониторингин жүргүзөт;

   (c) Тараптардын ортосунда кызматташтыкты бекемдөө максаты үчүн ар бир Тараптын бажылык жөнгө салууну стратегиялык өнүктүрүү маселелери боюнча маалымат менен алмашат;

   (d) Биргелешкен комиссияга отчет берет жана сунуштарды даярдайт.

3. БКСК боюнча чакан комитет Тараптардын бажы органдарынын жана тиешелүү органдарынын өкүлдөрүнөн турат. Тараптардын өз ара макулдугу боюнча талкууга катышуу үчүн БКСК боюнча чакан комитет тиешелүү эксперттерди чакыра алат.

4. БКСК боюнча чакан комитетинин жыйындарын өткөрүү убакыты жана өткөрүлө турган жери Тараптардын макулдашуусу боюнча аныкталат.

7-ГЛАВА

ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК

7.1-берене

Максаттары

Тараптар экономикалык жана социалдык өнүгүүгө, ошондой эле билим менен технологиялардын жайылтылышына өбөлгө түзүүгө багытталган илимий изилдөөлөргө, иштеп чыгууларга жана чыгармачылык ишке түрткү берүү максатында интеллектуалдык менчиктин объектилерине укуктарды коргоонун жана сактоонун маанилүү экендигин таанышат. Тараптар ошондой эле укук ээлери менен бүтүндөй коомдун мыйзамдуу кызыкчылыктарынын ортосундагы балансты камсыздоонун зарылчылыгын таанышат.

7.2-берене

Аныктамалар

Ушул Главанын максаттары үчүн:

(a) **“интеллектуалдык менчик”** - ушул Макулдашуунун 7.1-беренесинен тартып 7.27-беренесине чейин айтып өткөн интеллектуалдык менчиктин объектилеринин бардык түрлөрү;

(b) **“жактар”** – Тараптардын бажы аймагынын чегинде туруктуу жашаган жери же анык жана иштеп жаткан өнөр жай же соода ишканасы бар жеке же юридикалык жактар;

(c) **“ИМДУ”** – 1967-жылдын 14-июлундагы Интеллектуалдык менчиктин дүйнөлүк уюмун уюштуруу жөнүндө конвенцияга ылайык түзүлгөн Интеллектуалдык менчиктин дүйнөлүк уюму.

7.3-берене

Эл аралык макулдашуулар

1. ТРИПС Макулдашуусунун катышуучулары болуп саналган Тараптар ТРИПС Макулдашуусу менен белгиленген өздөрүнүн милдеттерин ырасташат. ТРИПС Макулдашуусунун катышуучулары болуп саналбаган Тараптар ТРИПС Макулдашуусунун принциптерине таянышат. Тараптар катышуучулары болуп саналган интеллектуалдык менчик укуктарынын чөйрөсүндө колдонулуп жаткан эл аралык келишимдерде белгиленген өз милдеттенмелерин, төмөнкүлөр менен кошо ырасташат:

   (a) 1883-жылдын 20-мартындагы Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Париж конвенциясы 1967-жылдагы Стокгольм актысынын редакциясында (мындан ары "Париж конвенциясы" деп аталат);

   (b) 1886-жылдын 9-сентябрындагы Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясы 1971-жылдагы Париж актысынын редакциясында (мындан ары "Берн конвенциясы" деп аталат);

   (c) 1971-жылдын 29-октябрындагы фонограмма жаздыруучулардын кызыкчылыгын мыйзамсыз кайра жаздырып чыгаруудан коргоо жөнүндө конвенция;

   (d) 1996-жылдын 20-декабрындагы Автордук укук боюнча ИМДУнун келишими (мындан ары "АУК");

   (e) 1996-жылдын 20-декабрындагы Аткаруулар жана фонограммалар боюнча ИМДУнун келишими (мындан ары АФК);

   (f) 1891-жылдын 14-апрелиндеги Белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусу жана 1989-жылдын 28-июнундагы Белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусунун протоколу;

   (g) 1970-жылдын 19-июнундагы Патенттик кооперация

жөнүндө келишим 2001-жылдагы Вашингтон актысынын редакциясында; жана

(h) 1977-жылдын 28-апрелиндеги Патенттик жол-жоболордун максаттары үчүн микроорганизмдерди депонирлөөнү эл аралык таануу жөнүндө Будапешт келишими.

2. Тараптар БСУнун 2001-жылдын 14-ноябрындагы Министрлик конференциясында кабыл алынган ТРИПС жана коомдук саламаттык сактоо макулдашуусу жөнүндө Доха декларациясында белгиленген принциптерин таанышат.

7.4-берене

Улуттук режим

Ар бир Тарап экинчи Тараптын жактарына ТРИПС Макулдашуусунун 3 жана 5-беренелеринде каралгандай, жоболорду жана өзгөчөлүктөрдү эске алып, интеллектуалдык менчиктин объектилерине укуктарды коргоого карата өз адамдарына сунушталгандан кем болбогон жагымдуу режимди сунуштайт.

7.5-берене

Кыйла жагымдуу шарт түзүү режими

Ар бир Тарап экинчи Тараптын жактарына ТРИПС Макулдашуусунда каралгандай, интеллектуалдык менчиктин объектилерине укуктарды коргоого карата ар кандай мамлекеттин жактарына сунуштагандан кем болбогон жагымдуу режимди сунуштайт.

7.6-берене

Автордук укук жана чектеш укуктар

Тараптар катышуучулары болуп саналуучу эл аралык келишимдерде баяндалган милдеттенмелерге зыян келтирбестен, ар бир Тарап өз мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык

авторлордун, аткаруучулардын, фонограмма жаздыруучулардын жана эфирден берүү уюмдарынын алардын тиешелүү чыгармаларына, фонограммаларына жана эфирден берүү уюмдарынын берүүлөрүнө байланыштуу укуктарын шайкеш жана натыйжалуу коргоого жана сактоого кепилдик берет жана камсыздайт.

7.7-берене

Автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттары[1]

1. Ар бир Тарап авторлор, аткаруучулар же фонограмма жаздыруучулар өз укуктарын жүзөгө ашырууга байланыштуу пайдаланган натыйжалуу техникалык чараларды колдонбоого каршы шайкеш укуктук коргоону жана укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарын сунуштайт.

2. Ар бир Тарап өз мыйзамдарында жана башка ченемдик укуктук актыларында негизинен чыгармаларга, аткарууларга же фонограммаларга карата пайдалануучу технологиялык чараларды колдонбоо же саботаж максатында колдонулуучу ар кандай технологияны, техникалык түзүлүштөрдү же алардын компоненттерин алдын ала билип даярдоого, импорттоого, элдин башкаруусуна берүүгө укуктук тыюу салууну белгилейт.

3. Ушул беренеге тиешелүү ар кандай өзгөчөлүктөр, эгер аларга мыйзам жана башка ченемдик укуктук актылар менен уруксат берилсе жана алар укуктук коргоого тоскоолдук келтирбеген же технологиялык чаралардын колдонулбашына каршы укуктук коргоо каражаттарынын натыйжалуулугун төмөндөтпөгөн учурда гана колдонулушу мүмкүн.

---

[1] Ушул Беренин максаты үчүн "коргоонун техникалык каражаттары" – авторлор, аткаруучулар же фонограмма жаздыруучулар колдонуучу жана алардын чыгармаларына, аткарууларына же фонограммаларына карата, укук ээлери же мыйзам тарабынан тыюу салынган аракеттерди чектөөчү чыгармаларга, аткарууларга жана фонограммаларга жетүүнү контролдоочу кандай болбосун технологияларды, техникалык түзүлүштөрдү же алардын компоненттерин билдирет.

7.8-берене

Укуктарды башкаруу жөнүндө маалымат

Ар бир Тарап мындай аракеттер Берн конвенциясы, Автордук укук боюнча келишим, Аткаруулар жана фонограммалар боюнча келишим менен жөнгө салынуучу кайсы болбосун укуктун бузулушуна түрткү, жол берерин, жеңилдетерин же жашырууга алып келе тургандыгын билип же билүүгө жөндүү негиздерге ээ болуп, жарандык-укуктук коргоо каражаттарын колдонгон учурда, АУКтун 12-беренесине жана АФКнын 19-беренесине ылайык каралган ар кандай аракетти алдын ала ниеттенип аткарган кайсы жакка болбосун каршы укуктук коргоонун шайкеш жана натыйжалуу каражатын сунуштайт.

7.9-берене

Товардык белгилер

1. Ар бир тарап өз мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына, катышкан эл аралык макулдашууларына жана ТРИПС макулдашуусуна, тактап айтканда 15-21-беренелерине ылайык товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө карата товардык белгилерди шайкеш жана натыйжалуу укуктук коргоону камсыздайт.

2. Товардык белгиге карата өзгөчө укук төмөнкүлөргө товардык белгини жайгаштыруу аркылуу, аларга карата товардык белги катталган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жекелештирүү үчүн жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

   (a) товардык белги катталган же ушул максатта сакталган же ташып киргизилген аймакта өндүрүлгөн, сатууга сунушталган, сатылган же жарандык жүгүртүүгө башкача киргизилген, же товардык белги катталган Тараптардын аймагына ташып киргизилген товарларда, анын ичинде этикеткаларда, товарлардын таңгактарында;

   (b) товардык белги катталган Тараптардын аймактарында көргөзмөлөрдө жана жарманкелерде көрсөтүүдө;

(c) кызмат көрсөтүүдө;

(d) товарларды жарандык жүгүртүүгө киргизүү менен байланышкан документтерде;

(e) товарларды сатуу тууралуу сунуштарда, кызмат көрсөтүүдө, ошондой эле кулактандырууда, көрнөктөрдө жана жарнамада; жана

(f) Интернет тарамында жана даректөөнүн башка ыкмаларында.

3. Товардык белгилерге карата ар бир Тарап экинчи Тараптын кызыкдар жактарына, эгерде ушундай пайдалануудан аралашуу мүмкүнчүлүгү келип чыкса, аларды жекелештирүү үчүн товардык белги катталган товарларга же бир түрдүү товарларга карата, анын товардык белгиси менен окшош же аралашуу деңгээлине чейин бирдей белгилөөнү укук ээсинин уруксатысыз пайдаланбоо мүмкүндүк берүүчү укуктук чараларды караштырат.

7.10-берене

Жалпыга белгилүү товардык белгилер

1. Тараптардын бири дагы товардык белгини жалпыга белгилүү деп тааныу үчүн шарт катары ушул товардык белги Тараптын аймагында же башка юрисдикцияда каттоодон өткөрүлүшү керек деген талапты койбойт.

2. Тараптар жалпыга белгилүү товардык белгилерди эч болбогондо ТРИПС Макулдашуусунун 16.2 жана 16.3-беренелерине жана Париж конвенциясынын 6bis беренесине ылайык коргоону камсыздайт.

7.11-берене

Товардык белгилерди каттоо

1. Ар бир Тарап товардык белгилерди каттоо системасын камсыздайт, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

   (a) арыз ээсине товардык белгини каттоодон баш тартуунун себептери жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүүнү талап кылуу. Ушундай жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр электрондук түрдө берилсе болот;

   (b) талашуу жол-жоболору жөнүндө чечимдер жүйөлүү болуп, жазуу жүзүндө чыгарылууга тийиш экендиги жөнүндө талап. Ушундай жазуу жүзүндөгү чечимдер электрондук түрдө дагы берилсе болот; жана

   (c) кызыкдар жактар үчүн товардык белгини катоодон кийин анын катталышын токтотуу же жокко чыгаруу үчүн кайрылуу мүмкүнчүлүгү.

2. Ар бир Тарап төмөнкүлөрдү сунуштоого ниет кылат:

   (a) өтүнмөнү электрондук түрдө берүү системасына жетүү, аны иштеп чыгуу, товардык белгилерди каттоо жана күчүндө кармап туруу; жана

   (b) маалыматтардын электрондук базасына, анын ичинде товардык белгилерге өтүнмөлөр жана катталган товардык белгилер боюнча маалыматтардын онлайн-базаларына ачык жетүү.

7.12-берене

Товар чыккан жерлердин географиялык көрсөтмөлөрү жана аталыштары

Ар бир тарап өз аймагында өзүнүн мыйзамдарына жана ТРИПС Макулдашуусуна, тактап айтканда 22 жана 23[2]-беренелерине ылайык

[2] Тактоо иретинде, ЕАЭБдин жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин товарлары чыгарылган жерлердин аталыштары Кытай географиялык көрсөтмөлөр менен коргошу мүмкүн.

товар чыккан жерлердин географиялык көрсөтмөлөрүнө/аталыштарына шайкеш жана натыйжалуу укуктук коргоону камсыздайт.

Эки Тарап тең жогоруда белгиленген маселелер боюнча талкуулоону жана мындан аркы кызматташуунун өнүгүшүн улантышат.

7.13-берене

Патент жөндөмдүүлүгү

1. Ушул Бereненин 2 жана 3-пункттарынын жоболоруна ылайык патент ар кандай ойлоп табууларга, эгер жаңы болуп саналса, ойлоп табуучулук деңгээлде болсо жана өнөр жайында колдонууга жараган шартта, продукт формасында, ошондой эле процесс формасында, ар кандай технологиялык чөйрөлөрдө берилиши мүмкүн.

2. Тараптардын ар бири патенттөө чөйрөсүнөн жаныбарларды же өсүмдүктөрдү, адамдардын өмүрүн же ден соолугун сактоо менен кошо коомдук тартипти же моралды коргоо үчүн, же ушундай өзгөчөлүк мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар менен пайдаланууга тыюу салынгандыгы менен берилген болуп эсептелбеген шартта, курчап турган чөйрөгө олуттуу зыян келтирилбеши үчүн алардын аймагынын чегинде коммерциялык максатта пайдаланышын токтотуу зарыл болгон ойлоп табууларды алып салышы мүмкүн.

3. Тараптардын ар бири патенттөө чөйрөсүнөн төмөнкүлөрдү алып салышы мүмкүн:

   (a) адамдарды же жаныбарларды диагностикалык, терапевттик жана хирургиялык дарылоо методдорун; жана

   (b) микроорганизмдерден тышкары, өсүмдүктөр жана жаныбарлар, ошондой эле өсүмдүктөрдү же жаныбарларды өстүрүүнүн маани-маңызы боюнча биологиялык эмес жана микробиологиялык процесстерге караганда башка, биологиялык ыкмаларын.

4. Ар бир Тарап патент алууга ар кандай өтүнмө өзүнө компьютердик программаны камтыгандыктан гана четтетилбегенин камсыз кылат. Компьютердик программаларга кирген, техникалык чечимди түзгөн ойлоп табууга патенттик өтүнмөлөр ушундай Тараптын мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык патентке жөндөмдүү катары камтылышы мүмкүн.

7.14-берене

Мажбурлоочу лицензиялоо

Бул Главанын эч кандай жоболору ар бир Тараптын ТРИПС Макулдашуусунун 31 жана 31bis беренелерине ылайык мажбурлоочу лицензия берүү укугун козгобойт.

7.15-берене

Ойлоп табуулар жана пайдалуу моделдер

1. Ар бир тарап өзүнүн мыйзамдарына, башка ченемдик укуктук актыларына, катышкан эл аралык келишимдерине жана ТРИПС макулдашуусуна, тактап айтканда 27-34-беренелерине ылайык ойлоп табууларды шайкеш жана натыйжалуу укуктук жактан коргойт.

2. Ар бир тарап өзүнүн мыйзамдарына, башка ченемдик укуктук актыларына, катышкан эл аралык келишимдерине ылайык пайдалуу моделдерди шайкеш жана натыйжалуу укуктук жактан коргойт.

7.16-берене

Өнөр жай үлгүлөрү

Ар бир тарап өзүнүн мыйзамдарына, катышкан эл аралык келишимдерине жана ТРИПС макулдашуусуна, тактап айтканда 25-26-беренелерине ылайык өнөр жай үлгүлөрүн шайкеш жана натыйжалуу укуктук жактан коргойт.

7.17-берене

Пайдалануучунун графикалык интерфейси

Ар бир Тарап өзүнүн мыйзамдарына, башка ченемдик укуктук актыларына ылайык өнөр жай үлгүсү катары пайдалануучунун графикалык интерфейсин коргоону камсыздайт.

7.18-берене

Патент алууга электрондук өтүнмө

Ар бир Тарап патент алууга өтүнмөнү электрондук түрдө берүү мүмкүндүгүн кепилдөөгө умтулат.

7.19-берене

Интегралдык микросхемалардын топологиялары

Ар бир тарап өзүнүн мыйзамдарына, катышкан эл аралык келишимдерине жана ТРИПС макулдашуусуна, тактап айтканда 35 - 38-беренелерине ылайык интегралдык микросхемалардын топологияларын шайкеш жана натыйжалуу укуктук жактан коргойт.

7.20-берене

Генетикалык ресурстар, салттуу билимдер жана фольклор

1. Тараптар генетикалык ресурстардын, салттуу билимдердин жана фольклордун илимий, маданий жана экономикалык өнүгүүгө кошкон салымын таанышат.

2. Ар бир Тараптын эл аралык милдеттенмелерин жана алардын мыйзамдарын, башка ченемдик укуктук актыларын эске алуу менен Тараптар генетикалык ресурстарды, салттуу билимдерди жана фольклорду коргоо боюнча тиешелүү чараларды көрө алышат.

3. Тараптар тиешелүү мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерине

киргизиле турган өзгөрүүлөрдү эске алуу менен генетикалык ресурстарга, салттуу билимдерге жана фольклорго байланыштуу тиешелүү маселелердин талкуулоосун улантууну макулдашат.

7.21-берене

Өсүмдүктөрдүн жаңы сорттору

1. Тараптар өсүмдүктөрдүн жаңы сортторунун селекционерлерине эң болбогондо 1978-жылдын 23-октябрына карата Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоо боюнча эл аралык конвенцияга ылайык берилүүчү коргоо деңгээлинде шайкеш жана натыйжалуу укуктук жактан коргоону камсыздайт.

2. Селекционердин макулдугу корголуучу сорттун отургузулуучу материалына эч болбогондо төмөнкүдөй иштерди аткаруу үчүн талап кылынат:

   (a) коммерциялык максаттарда өндүрүү же кайра өндүрүү (көбөйтүү);

   (b) коммерциялык максаттарда көбөйтүү үчүн үрөн себүү кондициясына жеткирүү;

   (c) сатууга сунуштоо;

   (d) сатуу же сатып өткөрүүнүн башка түрлөрү; жана

   (e) импорт же экспорт.

7.22-берене

Ак ниет эмес атаандаштыктан коргоо

Ар бир Тарап өзүнүн мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына жана Париж конвенциясынын 10bis беренесине ылайык ак ниет эмес атаандаштыктан коргоону камсыздайт.

7.23-берене

Интеллектуалдык менчиктин объектилерин каттоо үчүн зарыл болгон документтер жана маалыматтар

Тараптар өздөрүнүн мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык интеллектуалдык менчиктин объектилерин каттоо үчүн зарыл болгон документтерге жана маалыматтарга жетүүнү камсыздайт.

7.24-берене

Интеллектуалдык менчиктин объектилерине карата укуктардын чөйрөсүндө укук колдонуу

1. Тараптар интеллектуалдык менчикке карата укуктар чөйрөсүндө укук колдонууну өздөрүнүн мыйзамдарына, ченемдик укуктук актыларына жана катышкан эл аралык макулдашууларына ылайык келтирүүнү камсыздайт.

2. Тараптар укук ээлерине интеллектуалдык менчиктин объектилерине карата укуктар чөйрөсүндө укукту колдонуу жаатындагы жарандык, административдик жана соттук жол-жоболоруна кайрылуу мүмкүндүгүн берет.

3. Тараптар санариптик чөйрөдөгү интеллектуалдык менчиктин объектилерине карата укуктар чөйрөсүндө укук колдонууну камсыздоого умтулушат.

4. Тараптар бири-бири менен интеллектуалдык менчиктин объектилерине, тактап айтканда автордук жана чектеш укуктарга, товардык белгилерге, ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өндүрүш үлгүлөрүнө карата укуктардын чөйрөсүндө укук колдонууну күчөтүү максатында кызматташат.

7.25-берене

Бажылык жөнгө салуу чаралары

1. Ар бир тарап товардык белгини укуксуз пайдалануучу[3] товарларга жана автордук укукту бузуу менен чыгарылган товарларга[4] карата бажылык жөнгө салуу чараларын натыйжалуу колдонууну өздөрүнүн мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына, катышкан эл аралык келишимдерине ылайык камсыздайт.

2. Ар бир Тарап өзүнө карата укуксуз пайдалануучу товардык белгини камтыганын же автордук укукту бузуу менен чыгарылганын божомолдоо негиздери болсо, товарларды чыгарууну токтотуу жол-жоболорун демилгелөө үчүн зарыл болгон укук ээсине карата талаптар мына ушул жол-жоболорду пайдалануга негизсиз тоскоолдук кылбарын кепилдейт.

3. Ар бир Тарап, эгерде ушул макулдашууда башкача каралбаса, автордук укукту бузуу менен чыгарылган, товардык белгини укуксуз пайдалануу менен товарларды импорттоого жана экспорттоого негиздүү шектенүүлөрү бар укук ээсине ушул товардын импорту жана экспорту табылган өлкөнүн мыйзамдарына ылайык интеллектуалдык менчикке укуктар бузулган шартта, бажы органдарына интеллектуалдык менчик укугун коргоо чараларын колдонуу талабы менен арыз берүү мүмкүндүгүн түзгөн жол-жоболорду белгилейт.

4. Ар бир Тарап укук ээсине компетенттүү органдар тарабынан эч болбогондо тиешелүү товардын декларантын идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү аталыштар боюнча жана башка кошумча маалыматтарды беришин камсыздайт. Ар бир Тарап компетенттүү органдар тарабынан эч болбогондо кармалган товардын

---

[3] Ушул берененин максаттарында "**товардык белгини укуксуз пайдалануучу товарлар**" - бул таңгактоо менен кошо, уруксатсыз товардык белги менен маркаланган, ар кандай товарлар, ал товардык белгиге окшош, ушундай товарлар үчүн мыйзамдуу катталган же маанилүү белгилери боюнча ушул сыяктуу товардык белгиден айырмаланбайт жана ушунун негизинде импорттоочу өлкөнүн мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык бул товардык белгинин ээсинин укугун бузат.

[4] Ушул берененин максаттары үчүн "**автордук укукту бузуу менен чыгарылган товарлар**" - бул укук ээсинин же товар өндүрүлүп жаткан өлкөдө тиешелүү ыйгарым укукка ээ болгон жактын макулдугусуз чыгарылган көчүрмө болуп саналган жана эгерде аталган көчүрмөнү чыгаруу импорттоочу өлкөнүн мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык автордук укукту же чектеш укуктарды бузган болуп саналган учурда, кандайдыр бир буюмдан түздөн-түз же кыйыр даярдалган ар кандай товарлар.

декларантына укук ээсин идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү аталыштар боюнча жана башка кошумча маалыматтарды беришин камсыздайт.

5. Тараптар ушул Бereненин колдонуу чөйрөсүнөн коммерциялык эмес мүнөздөгү товарлардын импортун же экспортун алып салышы мүмкүн.

6. Тараптар чек арада интеллектуалдык менчик укуктарын коргоону күчөтүү максатында алардын бажы органдарынын ортосундагы байланышты өркүндөтүү максатында бири-бири менен кызматташат.

7. Тараптардын ар бири интеллектуалдык менчик объектилерине карата укуктарды бузган товарлар менен соода жүргүзүү жөнүндө маалымат алмашуу үчүн байланыш пункттарын белгилейт. Тактап айтканда, Тараптар өз бажы органдарынын ортосунда маалымат алмашууга жана кызматташууга көмөктөшөт.

7.26-берене

Интеллектуалдык менчик жана инновациялар

1. Тараптар тиешелүү ыйгарым укуктуу органдардын же башка кызыкдар мекемелердин ортосунда өз ара маалымат алмашуу, жолугушууларды, адистештирилген семинарларды уюштуруу, илим, технологиялар жана инновациялар жаатындагы биргелешкен долбоорлорду түзүү аркылуу ушул Главанын предмети боюнча өз ара кызматташууну тереңдетүүгө умтулушат. Бул маселе боюнча Биргелешкен комиссия аркылуу өз ара иштешет.

2. Ушул Беренеде көрсөтүлгөн кызматташуу төмөнкү багыттарды камтыйт, бирок аны менен эле чектелбейт:

   (a) инновациялар жаатындагы тиешелүү органдардын интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө саясат жөнүндө маалымат алмашуу;

   (b) окуу курстары жана биргелешкен программалар;

(c) илимий-техникалык билимди жайылтуу; жана

(d) Тараптардын консенсусу боюнча башка маселелер.

7.27-берене

Ыйгарым укуктуу органдар, байланыш пункттары жана маалымат алмашуу

1. Тараптар ушул Главанын колдонулушун талдоону жана байкоону аткаруу максатында байланыш пункттары катары иштөөчү органдарды аныкташат.

2. Тараптардын биринин суроо-талабы боюнча, анын ичинде буга чейинки кызматташунун формаларына кошумча, Тараптар:

(a) Тараптардын ортосунда кызматташууну жөнөкөйлөтүү ыкмаларын талкуулашат;

(b) бири-бирине ушул Главага ылайык жол-жоболорду аткаруу үчүн жооптуу ыйгарым укуктуу органдар жана тиешелүү байланыш пункттары тууралуу кабарлашат;

(c) бири-бирине байланыш пункттарынын кандай болбосун өзгөрүүлөрү же түзүмдүн маанилүү өзгөрүүлөрү жана алардын ыйгарым укуктуу органдарынын укуктарынын өзгөргөндүгү тууралуу маалымдашат;

(d) интеллектуалдык менчик жана коомдун саламаттыгы, ошондой эле ушул Главанын аракетине байланыштуу башка маселелер боюнча консультацияларды өткөрүшөт.

3. Тараптар керектөөчүнү адашууга алып келүүчү кандай болбосун товардык белги менен аралашуу деңгээлине чейин окшош же бирдей домендик аталыштарды ак ниет эмес пайдаланууудан сактоо максатында улуттук домендик аталыштарды башкаруунун натыйжалуу системасын түзүүнүн үстүндө иштөөгө умтулушат.

4. Тараптар интеллектуалдык менчик укуктарынын айрым түрлөрүнө карата коргоо берүү маселеси боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү баштоону макулдашуулары мүмкүн.

8-ГЛАВА

АТААНДАШТЫК

8.1-берене

Максаттар

1. Соода мамилелерин жүргүзүүдө ак ниеттүү атаандаштыктын маанилүүлүгүн эске алуу менен Тараптар атаандаштыкка каршы иштерге тыюу салуу, атаандаштык саясатын жүргүзүү жана ушул Главада камтылган маселелер боюнча кызматташуу экономикалык натыйжалуулукка, рыноктун талаптагыдай иштешине жана Тараптардын туруктуу экономикалык өнүгүүсүнө жетишүүгө өбөлгө түзө түргандыгын таанышат.

2. Тараптардын ортосунда соода жүргүзүүгө жана инвестициялык кызматташууга таасирин тийгизген атаандаштыкка каршы иштерге жол бербөө жана тыюу салуу максатында Тараптар өздөрүнүн мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык зарыл чараларды колдонушат.

8.2-берене

Атаандаштык чөйрөсүндөгү укук колдонуу принциптери

1. Тараптардын ар биринин атаандаштык чөйрөсүндөгү мыйзам колдонуу иши улуттук принцип боюнча дискриминациялоого жол бербөөгө тийиш.

2. Ар бир Тарап атаандаштык чөйрөсүндө мыйзам колдонулуучу жакка ал өзүн коргоо максатында позициясын билдирүү жана далилдерди сунуштоо мүмкүнчүлүгү берилишин камсыздайт.

3. Ар бир Тарап, атаандаштык чөйрөсүндөгү мыйзам талаптарын бузууга жол бергендиги жөнүндө чечим кабыл алынган жакка ошол Тараптын мыйзамдарында белгиленген жол-жоболор аркылуу бул чечимдин үстүнөн даттанып кайрылуу мүмкүнчүлүгүнүн берилишин камсыздайт.

8.3-берене

Транспаренттүүлүк

1. Ар бир Тарап Интернет тармактарында, анын ичинде ыйгарым укуктуу органдардын расмий веб-сайттарында, атаандаштык чөйрөсүндөгү өз мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларды, анын ичинде атаандаштык чөйрөсүндөгү мыйзам колдонуу жол-жоболорун, ошондой эле тиешелүү ыйгарым укуктуу органдардын жыйынтык чечимдери жөнүндө маалыматты жарыялайт.

2. Ар бир Тарап атаандаштык чөйрөсүндө мыйзам талаптарын бузуу жөнүндө иштер боюнча бардык жыйынтык чечимдердин жазуу жүзүндө чагылдырылышын, чечим кабыл алууга негиз болгон тиешелүү фактылар жана юридикалык негиздемелердин камтылышын камсыздайт.

8.4-берене

Атаандаштыкка каршы иштер

1. Тараптар төмөндө айтылган атаандаштыкка каршы иштер ушул Макулдашуунунун тийиштүү түрдө аткарылышына шайкеш келбей тургандыгына макул болушту:

   (a) максаты же натыйжасы атаандаштыкка жол бербөө, чектөө жана (же) четтетүү болгон, чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосунда атаандаштыкка каршы макулдашуулар же макулдашылган аракеттер;

   (b) үстөмдүк абалынан кыянаттык менен пайдалануу; же

   (c) кара ниет атаандаштык.

2. Ар бир Тарап өз мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык чарба жүргүзүүчү субъекттеринин экономикалык концентрациясына натыйжалуу контролду ошол Тараптын аймагында атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү үчүн зарыл болгон чекте камсыз кылат.

8.5-берене

Кызматташтык

1. Атаандаштык чөйрөсүндөгү мыйзамдарды натыйжалуу колдонуу максатында Тараптар кызматташуунун маанилүүлүгүн таанышат. Тараптар, алардын мыйзамдарына жана маанилүү таламдарына ылайык формада, ошондой эле зарыл ресурстардын болушуна жараша кызматташууга макулдашышты.

2. Кызматташууда маалымат алмашуу, консультация берүү, ушул берененин 3-пунктунда каралган атаандаштык чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуудагы кызматташуу жана ар бир Тараптын атаандаштык саясат жана атаандаштык чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуу ишиндеги потенциалын чыңдоо максатында билим берүү программаларын, семинарларын, биргелешип изилдөө иштерин жана кызматташуунун башка формаларынан турган техникалык кызматташуу камтылат.

3. Эгерде бир Тарап экинчи Тараптын аймагындагы атаандаштыкка каршы иш анын таламына доо кетирди деп эсептесе, ал экинчи Тараптан атаандаштык чөйрөсүндө мыйзам колдонуу маселеси боюнча кызматташуу жөнүндө сурашы мүмкүн. Суроо алган Тарап аны кылдат кароого алып, өзүнүн мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, атаандаштык чөйрөсүндө мыйзам колдонууга ишти демилгелөө мүмкүнчүлүгү тууралуу чечим кабыл алат, суроо жиберген Тарапка кароонун жыйынтыгы, ошондой эле эгерде мындай демилге көтөрүлгөн болсо, атаандаштык чөйрөсүндө мыйзам колдонуу ишинин натыйжасы жөнүндө маалымдайт.

4. Тараптардын бири экинчи Тарапка ушул Главанын максаттарында маалымат берген учурда мындай маалыматты экинчи Тарап ушул максатта гана колдонууга тийиш жана ал маалыматты берген Тараптын макулдугусуз ачыкка чыгарылууга же башка адамдарга жана/же үчүнчү өлкөлөргө берилүүгө тийиш эмес. Ушул Главанын жоболоруна карабастан, эгерде алардын мыйзамдарында же башка ченемдик укуктук актыларында мындай маалыматты берүүгө тыюу салынган болсо, Тараптардын эч кимиси экинчи Тарапка маалыматты берүүгө милдеттүү эмес.

8.6-берене

Консультациялар

1. Тараптардын ортосунда өз ара түшүнүшүүнү чыңдоо жана/же ушул Главаны ишке ашыруунун жүрүшүндө келип айрым маселелерди чечүү үчүн ар бир Тарап консультация өткөрүүнү сурашы мүмкүн. Консультация өткөрүү тууралуу суроо экинчи Тараптын ушул макулдашуунун 12.2-беренесине ылайык түзүлгөн байланышуучу пунктуна жиберилүүгө тийиш. Мындай консультациялар ар бир Тараптын өзүнүн тиешелүү мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын колдонууга укугун чектебейт.

2. Ушул беренеге ылайык өткөрүлүүчү консультация учурунда, суроо алган Тарап консультациянын берүү предмети болгон маселенин жагдайлары алгылыктуу убакыттын ичинде болушунча толук жана ар тараптуу каралышын камсыз кылат. Эки Тарап тең консультацияны иштиктүү өткөрүүгө аракеттенишет.

8.7-берене

Атаандаштык чөйрөсүндө мыйзам колдонуу ишинин көз карандысыздыгы

Бул Глава ар бир Тараптын атаандаштык чөйрөсүндөгү тиешелүү мыйзамын колдонууда анын көз каранды эместигин чектебейт.

9-ГЛАВА

МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР

9.1-берене

Максаттар

Тараптар, мамлекеттик сатып алуулар алардын тиешелүү экономикасы үчүн маанилүү экендигин таанышат жана транспаренттүүлүктү жогорулатуу максатында тиешелүү мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар, электрондук сатып алуулар жана электрондук сатып алуу тажрыйбасы жөнүндө маалыматтарды алмашуу жагында кызматташууну бекемдөөгө макулдашышты.

9.2-берене

Транспаренттүүлүк

Тараптар өздөрүнүн мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Интернет[5] түйүнүндө өз мыйзамдарын жана ченемдик укуктук актыларын, жалпы колдонулуучу административдик чечимдерин жана тендерлер жөнүндө маалыматты, анын ичинде сатып алууларды өткөрүү жөнүндө билдирүүлөрдү, сатып алуулардын документтерин жана тендерлердин жыйынтыктарын, ушул Макулдашуунун 1.11-беренесинин талабы колдонулуучу жашырын маалыматтардан башка маалыматтарды жарыялашат. Тараптар, бул ишке ашырылышы мүмкүн болгон учурларда, мындай маалыматтан бардыгы пайдаланууусун камсыз кылышат. Тараптар, бул ишке ашырылышы мүмкүн болгон учурларда тиешелүү мыйзам актыларын жана башка ченемдик укуктук актыларын, жалпы колдонулуучу административдик чечимдерин алар күчүнө киргенге чейин же күчүнө кирген күнү

---

[5] Армения Республикасы үчүн расмий Веб-сайтта– www.armeps.am
Беларусь Республикасы үчүн расмий Веб-сайттарда – www.icetrade.by; www.pravo.by; www.zakupki.butb.by; www.goszakupki.by
Казакстан Республикасы үчүн расмий Веб-сайттарда – www.goszakup.gov.kz; www.adilet.zan.kz
Кыргыз Республикасы үчүн расмий Веб-сайтта – www.zakupki.gov.kg
Россия Федерациясы үчүн расмий Веб-сайттарда – www.zakupki.gov.ru; www.pravo.gov.ru; www.sberbank-ast.ru; www.etp.roseltorg.ru; www.etp.zakazrf.ru; www.rts-tender.ru; www.etp-micex.ru
Китай Эл Республикасы үчүн расмий Веб-сайтта - www.ccgp.gov.cn
Жогоруда аталган Веб-сайттарда өзгөрүүлөр болгон учурларда тиешелүү Тарап ушундай өзгөрүүлөр жөнүндө байланыш пункттары аркылуу экинчи Тарапка билдирет.

Интернет[6] түйүнүндө жарыялашат.

9.3-берене

Байланыш пункттары

Ар бир тарап ушул Главанын максаттарында байланышуу пунктун аныктайт. Байланышуу пункттары ушул Глава боюнча милдеттенмелерди аткаруу үчүн кызматташууга тийиш.

---

[6] Армения Республикасы үчүн расмий Веб-сайтта– www.armeps.am
Беларусь Республикасы үчүн расмий Веб-сайттарда – www.icetrade.by; www.pravo.by; www.zakupki.butb.by; www.goszakupki.by
Казакстан Республикасы үчүн расмий Веб-сайттарда – www.goszakup.gov.kz; www.adilet.zan.kz
Кыргыз Республикасы үчүн расмий Веб-сайтта – www.zakupki.gov.kg
Россия Федерациясы үчүн расмий Веб-сайттарда – www.zakupki.gov.ru; www.pravo.gov.ru; www.sberbank-ast.ru; www.etp.roseltorg.ru; www.etp.zakazrf.ru; www.rts-tender.ru; www.etp-micex.ru
Китай Эл Республикасы үчүн расмий Веб-сайтта - www.ccgp.gov.cn
Жогоруда аталган Веб-сайттарда өзгөрүүлөр болгон учурларда тиешелүү Тарап ушундай өзгөрүүлөр жөнүндө байланыш пункттары аркылуу экинчи Тарапка билдирет.

10-ГЛАВА

ТАРМАКТЫК КЫЗМАТТАШТЫК

10.1-берене

Максаттар жана принциптер

1. Бул Главанын максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

   (a) Тараптардын ортосунда тармактык кызматташууну жана өз ара иштешүүнү пайдалуу өнүктүрүү;

   (b) инновациялык ишке көмөктөшүү;

   (c) Тараптардын инвестициялык кызыктуулугун жана экономикаларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруу; жана

   (d) соода жана инвестиция жагында туруктуу өнүгүүнү жана кызматташууну илгерилетүү.

2. Кызматташтык төмөнкүдөй принциптерге негизделет: Тараптардын тең укуктуулугу жана улуттук кызыкчылыктарын эске алуу, өз ара пайда, адилеттүү атаандаштык, басмырлоонун жоктугу жана транспаренттүүлүк.

3. Тараптар ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин жана Кытайдын бул тармакта ишке ашырылып жаткан же пландалып жаткан эки тараптуу демилгелерине зыян келтирбестен өздөрүнүн стратегияларын жана экономиканын ар түрдүү тармактарын өнүктүрүүнүн программаларын эске алуу менен тармактык кызматташууну өнүктүрүшөт.

10.2-берене

Тармактык кызматташуунун чөйрөлөрү жана багыттары

1. Тараптар айыл чарба, энергетика, транспорт, өнөр жай кооперациясы, маалымат-коммуникациялык инфраструктура,

технологиялар жана инновациялар, финансы жана айлана-чөйрө жагында кызматташууну өнүктүрүүнү макулдашты.

Тараптардын кызматташуусу төмөнкү багыттарды өзүнө камтыйт:

(a) жогорку технологиялуу, инновациялык, эскпортко багытталуучу продукцияны биргелешип өндүрүү максатында Тараптардын өнөр жай, транспорттук-логистикалык, айыл чарба жана башка инфраструктураларын өнүктүрүүгө жана модернизациялоого инвестицияларды тартуу;

(b) Тараптардын илимий изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар жагында, ошондой эле Тараптардын өнөр жай жана инновациялык инфраструктураларына тиешелүү инновациялар жаатында иштешүүнүн натыйжалуу механизмдерин түзүүгө жана өнүктүүгө көмөктөшүү;

(c) алдыңкы технологиялардын жана инновациялардын трансфери;

(d) маалыматтык-коммуникациялык инфраструктураны өнүктүрүү жана пайдалануу;

(e) транспорттук коридорлорду өнүктүрүү, анын ичинде транспорттук инфраструктура объекттерин түзүү жана модернизациялоо, транспорттук байланышты өркүндөтүү;

(f) айлана-чөйрөнү коргоо жана "жашылдандыруу" жагында кызматташууну илгерилетүү;

(g) ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен жана Кытайдын финансылык жөнгө салуучуларынын ортосундагы кызматташууну колдоо.

10.3-берене

Кызматташуунун формалары

Тараптар кызматташууну төмөнкүлөр аркылуу бекемдөөгө макулдашышты:

(a) маалымат алмашуу жана консультацияларды өткөрүү, ошондой эле Тараптардын ишкерлер коомчулугун маалыматтык жактан колдоо;

(b) тармактык кызматташууга тиешелүү маселелерди талкуулоо үчүн биргелешкен форумдарды өткөрүү, биргелешкен көргөзмө-жарманке иш-чараларын, эл аралык семинарларды жана илимий конференцияларды өткөрүү;

(c) экономикалык реформаларга жана экономикадагы структуралык өзгөртүүлөргө байланышкан маселелер боюнча тажрыйба алмашуу, Тараптардын инновациялык иштерин жана өнөр жайларын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү;

(d) глобалдуу экономикалык кризистердин кесепеттерине каршы аракеттенүү боюнча биргелешип сунуштарды иштеп чыгуу;

(e) өз ара кызыкчылык жараткан маселелер боюнча, анын ичинде тармактык кызматташуу жагындагы жалпы кызыкчылык бар долбоор боюнча да эл аралык жана улуттук финансылык институттардын ресурстарын тартуу маселеси боюнча иштешүү;

(f) Тараптардын ишкерлер жамаатынын ортосунда диалог түзүүгө жана байланыштарга көмөк көрсөтүү;

(g) ушул Глава камтыган маселелер боюнча адистерди даярдоо жагында тажрыйба алмашуу.

10.4-берене

Чакан комитеттер жана *ad hoc* жумушчу топтор

1. Тараптар Биргелешкен комиссиянын алкагында ушул Главада камтылган маселелер боюнча Тараптардын кызматташуусун илгерилетүү максатында чакан комитеттерди жана *ad hoc* жумушчу топторун түзүү маселесин кароого алышы мүмкүн.

2. Чакан комитеттерди же *ad hoc* жумушчу топторун түзүү жана алардын өкүлчүлүктөрүнүн деңгээлине тиешелүү маселелер Тараптардын тиешелүү органдарынын ортосунда макулдашылат.

3. Чакан комитеттер жана *ad hoc* жумушчу топтор тиешелүү секторлордо кызматташуу пландарын жана демилгелерин иштеп чыгышып, аларды кабыл алуусу же аларды Биргелишкен комиссиянын кароосуна сунуштоосу мүмкүн.

11-ГЛАВА

ЭЛЕКТРОНДУК СООДА

11.1-берене

Колдонуу алкагы жана жалпы жоболор

1. Тараптар алардын ортосунда өз ара соода жүргүзүүнүн өсүшүнө жакшы таасир этүүчү жана сооданын бардык катышуучуларына пайда алып келүүчү электрондук сооданын ургаалдуу жана инновациялык мүнөзүн таанышат.

2. Кызматташуунун маанилүүлүгүн жана электрондук соода жүргүзүүдө ашыкча тоскоолдуктарды болтурбоонун маанилүү экенин эске алуу менен электрондук сооданын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү ушул Главанын максаты болуп саналат

11.2-берене

Аныктамалар

Ушул Главанын максаттары үчүн:

(a) "**жеке маалымат**" - бул белгилүү бир же белгилүү болуучу (тике же кыйыр) бир жеке адамга тиешелүү ар кандай маалыматтар;

(b) **электрондук документ**" - маалымат электрондук формада берилген жана электрондук (санарип) кол тамга коюлушу мүмкүн болгон документ.

11.3-берене

Электрондук аутентификация

Тараптар электрондук аутентификация ыкмаларын өз ара таануунга умтушулат. Электрондук аутентификация ыкмаларын өз ара тааануу процессин тездетүү максатында Тараптар кызматташышат жана

маалыматтардын толук коргоого алынышын жана тууралыгын камсыз кылуучу жакшы тажрыйбаларды алмашышат.

11.4-берене

Электрондук документтерди пайдалануу

1. Тараптар тышкы соода бүтүмдөрүнө тиешелүү документтер Тараптардын ыйгарым укуктуу органдарына электрондук (санарип) кол тамгалар коюлган электрондук документтер түрүндө берилишин камсыз кылууга умтулушат.

2. Тараптардын бири да электрондук (санарип) кол тамга коюлган электрондук документ түрүндө аткарылган жана тышкы соода бүтүмдөрүнө тиешелүү документтердин чын-бышыктыгын кагаз түрүндө документтерди берүү жолу менен тастыктоону талап кылган чараларды көрө албайт же сактай албайт.

11.5-берене

Электрондук соода тармагындагы керектөөчүлөрдүн укугун коргоо

1. Тараптар электрондук соода тармагындагы керектөөчүлөрдүн укуктарын, жок дегенде, сооданын башка формаларында колдонулган коргоо деңгээлинде коргоону камсыз кылууга умтулушат.

2. Тараптар керектөөчүлөргө зыян келтирүүчү же зыян келтирүүгө опурталдуу алдамчы коммерциялык иш-аракеттерди болтурбоо үчүн өздөрүнүн саясатына, мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык тиешелүү чараларды көрүшөт жана аларды сакташат.

3. Тараптар керектөөчүлөрдүн электрондук соода алкагындагы укуктарынын коопсуздугу, таза ишкердик жана продукция жөнүндө туура маалыматтын маанилүү экендигин таанышат.

4. Тараптар маанилүү аспектилер жана электрондук сооданын

тобокелдиги боюнча материалдарды, ошондой эле коопсуз жана рационалдуу керектөө моделдерин сүрөмөлөөгө багытталган башка маалыматты иштеп чыгып, аны жалпы маалымат ресурстарында жайгаштыра алышат. Тараптар кайтарылып алынган продукциянын, кооптуу товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, ак ниет эмес даярдоочулардын, сатуучулардын, ортомчулардын, сапатсыз жана кооптуу товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын же аткаруучулардын реестрин камтыган улуттук же чек аралар аралык маалымат системаларын ырасталбаган маалыматтардын негизинде түзүшпөйт.

5. Ушул беренеде аталган чараларды иштеп чыгуу жана аларды жайылтуу, иш жүзүндө колдонуу, ошондой эле электрондук соода керектөөчүлөрүнүн укуктарын коргоо маселеси боюнча маалымат алмашуу максатында Тараптар керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдардын өкүлдөрүнөн турган байланыш тобун түзүүгө милдеттенет.

11.6-берене

Жеке маалыматты коргоо

1. Тараптар электрондук соода жүргүзүүдө жеке маалыматтын корголушунун маанилүүлүгүн таануу менен, алардын мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жеке маалыматтын толук кандуу коргоого алынышына багытталган чараларды көрүүгө тийиш.

2. Тараптар жеке адамдан анын жеке маалыматын чек аралар аркылуу өткөрүп берүү үчүн түздөн-түз макулдук алууга умтулушат.

3. Жеке маалыматтын айрым категориялары үчүн коргоону камсыз кылбоочу Тарап башка Тараптан жеке маалыматтын ушундай эле категориядагысын, ошондой эле аларга коргоо чараларынын көрүлүшүн талап кыла албайт.

11.7-берене

Кызматташтык

1. Электрондук сооданын глобалдуу мүнөзүн таануу менен, Тараптар төмөнкүлөргө умтулушат:

   (a) мыйзамдар жана укук колдонуучулук маселелери боюнча маалымат жана тажрыйба алмашуу, ошондой эле Тараптардын ыйгарым укуктуу органдары менен, анын ичинде төмөнкү маселелер боюнча өз ара мамилелерди түзүүгө:

   (i) жеке маалыматтарды коргоо;

   (ii) керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо;

   (iii) талап кылынбаган коммерциялык электрондук билдирүүлөр; жана

   (iv) электрондук аутентификация.

   (b) электрондук сооданы кыйла жеңилдеткен технологиялардын иштелип чыгышын колдоо жана аларды пайдалануу;

   (c) электрондук соода чөйрөсүндө жеке сектордо өз алдынча жөнгө салуу чараларынын көрүлүшүн колдоо;

   (d) электрондук соода тууралуу статистикалык маалыматты топтоо жана аны илимий изилдөөдө колдонуу боюнча ыкмаларды түзүү жагында кызматташуу; жана

   (e) мамлекеттик түзүмдөр менен Тараптардын жеке секторунун өкүлдөрүнүн ортосунда семинарларды жана эксперттик диалогдорду уюштуруу.

2. Тараптар Электрондук соода жүргүзүү боюнча чакан комитетти түзүү мүмкүнчүлүгүн карашат жана бири бирине ушул макулдашуунун 12.2-беренесине ылайык түзүлгөн байланыш пункттары аркылуу маалымдоого тийиш.

11.8-берене

Транспаренттүүлүк

Ар бир Тарап ушул Главанын предметине тийиштүү же ал күчүнө киргенге чейин колдонулушуна таасирин тийгизе турган өз саясатын, мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды расмий веб-сайттарга жарыялайт.

12-ГЛАВА

ИНСТИТУТТУК ЖОБОЛОР

12.1-берене

Биргелешкен комиссия

1. Тараптар эки өкүлчүлүктүн төрагалыгы алдында Биргелешкен комиссияны түзүшөт, бири – Евразия экономикалык комиссиясынын коллегиясынын мүчөсү тарабынан сунушталган ЕАЭБ жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин өкүлү, экинчиси – министрдин же ыйгарым укуктуу өкүлдүн деңгээлинде сунушталган Кытай Өкмөтүнөн. Тараптар ушул максатта расмий дайындалган жогорку кызмат адамдары катары чыгышат.

2. Биргелешкен комиссия төмөнкү иштерди аткарат:

   (a) ушул Макулдашуу менен жөнгө салынган бардык маселени кароо;

   (b) ушул Макулдашуу менен байланышкан бардык башка маселелерди Тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча кароо;

   (c) эгерде Тараптар ушул сыяктуу чакан комитеттерди түзүү тууралуу өз ара макулдашышкан болсо, ушул Макулдашууда каралган учурларда чакан комитеттердин ишин контролдоо;

   (d) Тараптар үчүн сунуштамаларды кабыл алуу максатында ушул Макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн чакан комитеттер берген бардык сунуштарды кароо;

   (e) ушул Макулдашуунун максаттарына ылайык Тараптардын ортосунда мындан ары сооданы өнүктүрүү жана аларды кеңейтүү боюнча мүмкүнчүлүктөрдү кароого; жана

   (f) консультацияларды өткөрүүгө жана анын кароосуна Тараптар берген маселелер боюнча өз ара алгылыктуу чечимдерди табууга мүмкүнчүлүк берген жол-жоболорду иштеп чыгуу.

3. Биргелешкен комиссия:

(a) зарылчылыкка жараша чакан комитеттерди же *ad hoc* жумушчу топторун түзө алат жана кайсыл болбосун чакан комитеттин же *ad hoc* жумушчу тобунун кароосуна маселелерди сунуштай алат;

(b) Комиссиянын өз функцияларын аткаруусуна өбөлгө түзө турган учурларда эксперттердин ой-пикирин сурай алат;

(c) ушул Макулдашууну ишке ашырууга байланыштуу Тараптар Биргелешкен комиссиянын кароосуна сунуштаган бардык маселелерди чечүүгө аракет кылат; жана

(d) Тараптардын макулдугу боюнча өз функцияларын аткаруу үчүн башка аракеттерди көрө алат.

4. Биргелешкен комиссиянын жол-жоболорунун эрежелери ушул Макулдашуунун 1-тиркемесинде белгиленген.

5. Биргелешкен комиссия өз функцияларынын чегинде кайсыл болбосун маселелер боюнча сунуштамаларды кабыл алат. Ошондой эле ушул Бereненин 4-пунктуна ылайык жол-жоболордун эрежелерин камтыган маселелер боюнча чечимди кабыл алышы мүмкүн. Биргелешкен комиссиянын чечимдери, сунуштамалары жана башка аракеттери консенсус менен кабыл алынат. Тараптар Биргелешкен комиссиянын сунуштамаларын өз убагында аткаруу максатында бардык зарыл болгон аракеттерди көрүүгө умтулушат.

12.2-берене

Байланыш пункттары

Ар бир Тарап ушул беренеге, ошондой эле ушул Макулдашуунун башка беренелерине ылайык, ушул Макулдашуу аркылуу жөнгө салынуучу бардык маселелер боюнча башка Тарап жана Биргелешкен комиссия менен коммуникация жүргүзүүгө жооптуу байланыш пункттарын дайындайт. Ар бир Тарап ички жол-жоболорго ылайык өз байланыш пункттарын дайындайт жана башка Тарапка мындай дайындоо жөнүндө ушул Макулдашуу күчүнө кирген учурдан тартып 90 күндүн ичинде маалымдайт.

13-ГЛАВА

КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

13.1-берене

Тиркемелер

Ушул Макулдашуунун тиркемелери анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

13.2-берене

Кошулуу

1. ЕАЭБге мүчө болуучу жаңы мамлекет ушул Макулдашуунун Тараптары менен ЕАЭБдин жаңы мүчө мамлекеттеринин ортосундагы ушул Макулдашууга кошулуу боюнча сүйлөшүүлөр жолу менен жетишилген Тараптардын макулдугу боюнча ушул Макулдашууга кошулат. Мындай кошулуу ушул Макулдашууга карата кошумча протоколду түзүү жолу аркылуу ишке ашырылат.

2. Евразия экономикалык комиссиясы Кытай Эл Республикасына ушул Макулдашуунун 12.2-беренесине ылайык түзүлгөн байланыш пункттары аркылуу кайсы бир мамлекеттин ЕАЭБге кирүү талапкеринин статусун алгандыгы же ЕАЭБге кирүүсүнүн аягына чыккандыгы жөнүндө маалыматты дароо билдирет.

13.3-берене

Күчүнө кирүү

Ушул Макулдашуу ЕАЭБ жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттер жана Кытай тарабынан ушул Макулдашуу күчүнө кириши үчүн зарыл болгон тиешелүү ички укуктук жол-жоболордун аткарылгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндө акыркы билдирүүнү алган күндөн кийин 60-күнү күчүнө кирет. Ушул сыяктуу билдирүүлөрдү алмашуу Евразия экономикалык комиссиясы менен Кытайдын ортосунда жүргүзүлөт.

13.4-берене

Өзгөртүүлөрдү киргизүү

1. Ушул Макулдашууга Тараптардын өз ара жазуу жүзүндөгү макулдашуусу боюнча кошумча протоколду түзүү жолу аркылуу өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн. Бардык өзгөртүүлөр ушул Макулдашуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бардык өзгөртүү ушул Макулдашуунун күчүнө кирүү жол-жоболоруна ылайык күчүнө кирет.

2. Эгерде ушул Макулдашууга киргизилген Дүйнөлүк соода уюмунун макулдашуусунун жобосуна өзгөртүү киргизиле турган болсо, Тараптар ушул Макулдашууга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы боюнча консультацияларды өткөрөт.

13.5-берене

Чыгуу жана колдонууну токтотуу

1. ЕАЭБ ушул Макулдашуунун аракетин Кытайга жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүү аркылуу токтотушу мүмкүн, ал эми Кытай ЕАЭБге жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүү аркылуу ушул Макулдашуунун колдонулушун токтото алат. Ушул Макулдашуунун колдонулушу мындай билдирүү жөнөтүлгөн күндөн тартып 180-күнү токтотулат.

2. ЕАЭБге мүчөлүгүн токтотуу ниети бар ЕАЭБдин кайсы бир мүчө мамлекети ал ЕАЭБден чыккан күндөн тартып, *ipso facto* ушул Макулдашуунун тарабы болбой калат.

3. ЕАЭБ жана ушул Берененин 2-пунктунда аталган ЕАЭБге мүчө мамлекет аталган ЕАЭБ жөнүндө макулдашууда каралган ЕАЭБден чыгуу үчүн 12 айлык мезгилге ылайык белгиленген ЕАЭБден чыгуу боюнча так күнү көрсөтүлгөн билдирүүнү дипломатиялык каналдар боюнча токтоосуз Кытайга жөнөтөт. ЕАЭБден жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттен тиешелүү билдирүү алгандан кийин, Кытай ЕАЭБден жана ушул Макулдашуудан чыккан күнү көрсөтүлгөн, жогоруда белгиленген билдирүүнү алгандыгын дипломатиялык каналдар боюнча ырастайт.

4. Эгерде ЕАЭБ жөнүндөгү Келишимге андан чыгууга тиешелүү бөлүгүнө кандайдыр бир өзгөртүү киргизилсе, ушул Макулдашуунун тараптары ага тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максатка ылайыктуулугун аныктоо максатында консультацияларды өткөрөт.

5. Эгерде ЕАЭБге мүчө мамлекет ушул Берененин 2 жана 3-пункттарына ылайык ушул Макулдашуудан чыга турган болсо, анда бул Макулдашуу башка ЕАЭБге мүчө мамлекеттерге карата колдонулуусун улантат.

Жогорудагыларды ырастоо менен бардык зарыл болгон ыйгарым укуктарга ээ болгон төмөндөгү кол коюучулар ушул Макулдашууга кол коюшту.

Аталган макулдашуу Астана шаарында 2018-жылдын 17-майында армян, белорусь, кытай, англис, казак, кыргыз жана орус тилдеринде эки нускада түзүлгөн, бардык тексттер бирдей күчкө ээ. Кайчы пикирлер пайда болгон учурда англис тилинде түзүлгөн текстке артыкчылык берилет.

Армения Республикасы үчүн

Беларусь Республикасы үчүн

Казакстан Республикасы үчүн

Кыргыз Республикасы үчүн

Россия Федерациясы үчүн

Евразия экономикалык бирлиги үчүн

Кытай Эл Республикасы үчүн

1-ТИРКЕМЕ

БИРГЕЛЕШКЕН КОМИССИЯНЫН ЖОЛ-ЖОБОЛОРУНУН ЭРЕЖЕСИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ ПУНКТТАРЫН АНЫКТОО

Өкүлдөр жөнүндө билдирүү

1. Ар бир Тараптан Биргелешкен комиссиянын тең төрагалыгын жана ар бир Тараптын өкүлдөрүн дайындоо жөнүндө билдирүү Биргелешкен комиссия тарабынан ушул макулдашуу күчүнө кирген датадан тартып 90 күндүн ичинде жөнөтүлөт. Тарап Биргелешкен комиссияга башка өкүлдөрдү дайындай алат, ал бул тууралуу Биргелешкен комиссиянын кийинки жыйынына чейин 30 күндөн кечиктирбестен билдирет.

Кезектеги жана башка жыйындар

2. Биргелешкен комиссия кезеги боюнча ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин биринде жана Кытайда кеминде жылына бир жолу жыйындарды өткөрөт. Башка жыйындар өз ара макулдашуу менен Тараптардын биринин талабы боюнча өткөрүлүшү мүмкүн.

Жыйын өткөрүлүүчү жер жана күнү

3. Биргелешкен комиссия өзүнүн кийинки жыйыны өтүүчү күндү жана жерди Биргелешкен комиссия башкача чечпесе, ар бир жыйында белгилейт.

Чакырылыш

4. Кабыл алып жаткан Тарап кийинки жыйындын өткөрүлүүчү күнү, жери жана алдын ала күн тартиби жөнүндө кезектеги жыйындын болооруна 60 күндөн кечиктирбестен, ал эми кезексиз жыйын каралган учурда 30 күндөн кечиктирбестен ушул макулдашуудагы башка Тарапка маалымдоого тийиш.

Алдын ала күн тартиби

5. Кабыл алып жаткан тарап Биргелешкен комиссиянын жыйынынын алдын ала күн тартибин даярдайт.

6. Биргелешкен комиссиянын кезектеги жыйынынын алдын ала күн тартиби төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) Биргелешкен комиссиянын чечими боюнча өткөн жыйындарда камтылган бардык маселелер; жана

(b) ушул макулдашуунун Тараптары сунуш кылган бардык маселелер.

Күн тартибин бекитүү

7. Биргелешкен комиссия ар бир жыйындын башында жыйындын күн тартибин бекитет.

Өзгөртүүлөр жана жаңы пункттар

8. Биргелешкен комиссия эгерде ал тууралуу чечим консенсус тарабынан кабыл алынган болсо, жыйындын жүрүшүндө күн тартибине өндоолорду киргизиши, пункттарды алып салышы же ага жаңы пункттарды кошуусу мүмкүн.

Биргелешкен комиссияга документтерди тапшыруу

9. Биргелешкен комиссияга билдирүүлөр, арыздар жана башка документтер жазуу жүзүндө берилет.

Жумушчу тилдери

10. Биргелешкен комиссиянын жумушчу тили болуп англис тили саналат.

11. Биргелешкен комиссияга багытталган бардык билдирүүлөр, талаптар жана башка документтер англис же кытай же болбосо орус

тилинде англис тилиндеги тиешелүү котормосун тиркөө менен даярдалат.

12. Биргелешкен комиссиянын жыйынынын жүрүшүндө анын дарегине айтылган бардык оозеки билдирүүлөр англис же кытай же болбосо орус тилинде англис тилинде тиешелүү котормосун тиркөө менен аткарылат. Оозеки түрдөгү билдирүүлөрдү которуу наркын тиешелүү билдирүү жасаган Тарап жабат.

Байланыш пункттары

13. Кытайдын ушул Макулдашуунун 12.2-беренесине ылайык байланыш пункттарын дайындоо жөнүндө билдирүүсү Евразия экономикалык комиссиясына берилет, ал эми ЕАЭБдин жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин байланыш пункттарын дайындоо жөнүндө билдирүүсү Евразия экономикалык комиссиясы тарабынан Кытайдын Өкмөтүнө берилет.

Корутунду жоболор

14. Жогоруда аталган жоболорго карабастан, белгиленген мөөнөттөрдү кийинкиге калтыра алат же жогоруда аталган жоболордо каралган мөөнөттө белгисиз жагдайлардан улам аткаруу мүмкүн болбогон шартта, башка мөөнөт жөнүндө консультацияларды жүргүзүү аркылуу макулдаша алат.